Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Жума, 2022-жылдын 7-октябры | №89 (3424)

МҮНӨЗҮҮ ШАР, ПРИНЦИБИ ТАК НУРЛАНБЕК ШАКИЕВ

“Ата-Журт–Кыргызстан” депутаттык фракциясынын лидери Нурланбек Шакиев 5-октябрда Жогорку Кеңештин Төрагасы болуп шайланды. Нурланбек Шакиевди колдоп парламенттин 80 депутаты добуш берди.

3-БЕТТЕ

ИНФЛЯЦИЯ 7,5 ПАЙЫЗГА ЖЕТЕТ

2023-жылы Кыргызстанда инфляция 7,5 пайызга жетет. Мындай божомол 2023–2025-жылдарга карата бюджеттин долбоорунда келтирилди. Инфляциянын 7,5 пайызга жогорулашы болжол менен баанын 7,5 пайызга өсөрүн түшүндүрөт. Башкача айтканда, 2023-жылдын январь айында кайсы бир товар же азык 100 сом болсо, жыл аягына чейин наркы 107,5 сомго чейин жогорулашы мүмкүн.

АТА МЕКЕНДИ КОРГООГО ЭЛДИК КОШУУНДАР ДА ТАРТЫЛАТ

Жабыркаган элдерге жардам берүү боюнча Бишкек шаарында түзүлгөн баткендиктердин элдик штабынын жетекчиси Максат Дыйканов баш болгон штабдын мүчөлөрү Бегали Төлөмүшов, Кубанычбек Назырбеков жана Ниймат Мовляновдор Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун кабыл алуусунда болушту. Тажик аскерлеринин аткылоосунан жабыр тарткан баткендиктердин көйгөйлөрүн мамлекет башчысына жеткирген штабдын мүчөлөрү Лейлек, Баткен райондоруна барышып, эл менен дагы жолугуп кайтышты.

14–17-сентябрдагы каргашалуу окуяда коопсуз жайга көчүрүлгөндөр үчүн Бишкек шаарында жашап жана иштеп жүрүшкөн Баткен облусунун уул-кыздары гуманитардык жардамдарын жөнөтүшкөн.

Тарыхка кайрылсак, элдин башына кыйынчылык түшкөндө элдин эр-азамат уул-кыздары гана намыска жарайт. Ошол ок атылган кыйын күндөрдө жалпы кыргыз эли “Баткеним” деп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып, колдон келген жардамдарын берип турушту.

7-БЕТТЕ

КҮН КАЙРАДАН ЖЫЛЫЙТ

Дем алыш күндөрү абанын табы көтөрүлүп, күн жылуу болот. Кыргызгидромет айрым облустарда абанын температурасы +23...+25 градуска чейин жете тургандыгын билдирди.

БУЛ ЖУМАДА

Президент Садыр ЖАПАРОВ:

“МУГАЛИМДЕР МЕНЕН ОКУТУУЧУЛАРДЫН МЭЭНЕТИ ТЕРЕҢ СЫЙГА ТАТЫКТУУ”

КР Президенти Садыр Жапаров 5-октябрда мугалимдерди жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктады. Куттуктоосунда төмөнкүлөргө токтолду:

- Келечегибизге билим үрөнүн сээп келе жаткан замандаштарыбызды: бала бакча тарбиячылары менен мектеп мугалимдерин, кесиптик жана жогорку окуу жайлардын окутуучулары менен профессорлорун, жалпы эле билим берүү мекемелеринин кызматкерлерин кесиптик майрамы - Билим берүү кызматкерлеринин күнү менен куттуктайм!

Өтө чыдамкайлыкты, талбаган эмгекти талап кылган мугалимдик кесиптин коомду калыптандыруудагы жана өнүктүрүүдөгү мааниси зор. Мына ошондуктан мугалимдер менен окутуучулардын мээнети терең сыйга татыктуу.

Жалпы адамзаттын баалуулуктарын, улуттук наркты жаш муундардын кан-жанына сиңирип, адамзаттын басып өткөн жолун, жетишкендиктерин жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрүн окутуп үйрөтүүдө сиздердин ролуңуздар абдан чоң.

Мектеп баштаган билим берүү мекемелеринде балдар өз өлкөсүнүн тарых-таржымалын, эне тилин, маданияты менен каада-салтын окуп-үйрөнүүнүн негизинде өзүн жаран деп таанып билет, Кыргызстан калкынын биримдигине жооптуу экенин сезип-туят.

Улутуна, ишенимине, тилине карабай, кыргыз жараны катары мекенчилдик, атуулдук, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу сезимдери калыптанат.

Жаштарыбыз дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө илим, ишкердик жана башка багыттарда албан-албан ийгиликтерге жетишип жатышат. Мында урматтуу мугалимдерибиздин эмгеги зор.

Билим берүү тармагын өнүктүрүү менен азыркы замандын чакырыктарына жооп берүү мүмкүнчүлүгү жаралат деп ойлойм. Мунун аркасында өлкөбүз туруктуу өнүгүү жолун ийгиликтүү улантат.

Урматтуу эжей-агайлар, кесиптик майрамыңыздар менен дагы бир жолу куттуктайм! Баарыңыздарга чың ден соолук, кажыбас кайрат, бакубат турмуш каалайм.

БУУнун ТУТУМУ БАТКЕНДЕГИ РАЙОНДОРГО ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮГӨ ДАЯР

КР Президенти Садыр Жапаров 5-октябрда БУУнун Кыргыз Республикасындагы тутумунун жаңы дайындалган Туруктуу координатору Антье Гравени кабыл алды.

Алгач Антье Граве КР Президенти Садыр Жапаровго ишеним грамотасын тапшырды. Ал эми Мамлекет башчысы аны бул кызматка дайындалышы менен куттуктап, эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып өлкөгө көрсөтүп келе жаткан жардамы үчүн БУУнун Кыргызстандагы тутумуна ыраазычылык билдирди. Ошондой эле, Кыргыз Республикасы БУУнун Уставында бекитилген жалпы таанылган максаттарды жана принциптерди сактоону карманганын жана мындан ары да аларды жактоого даяр экенин баса белгиледи.

Өз кезегинде Антье Граве Кыргызстанды БУУга мүчөлүгүнүн 30 жылдыгы менен куттуктап, бул кызматташтыкты мындан ары тереңдетүү жана кеңейтүү үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк түзөрүн билдирди. Мындан тышкары, ал 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 76-сессиясынын алкагында кабыл алынган Кыргызстандын 2022-жылды “Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык жылы” деп жарыялоо, 2022-жылды Кыргызстанда “Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук” жылы деп жарыялоо жана “Жашыл Мурас” улуттук бак-дарак отургузуу өнөктүгү боюнча демилгелерине жогору баа берди. Муну менен катар Антье Граве БУУ Садыр Жапаровдун жетекчилиги астындагы өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн реформаларын жана программаларын алдыга жылдырууну колдоорун ырастады.

Жолугушууда БУУнун Кыргызстандагы тутумунун Туруктуу координатору кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы конфликттин натыйжасында адамдардын курман болгондугуна байланыштуу Мамлекет башчысына көңүл айтып, БУУнун тутуму Баткен облусунун жапа чеккен райондоруна мындан ары да зарыл жана тез арадагы жардам көрсөтүүгө даяр экендигин билдирди.

КЕЛИШИМДЕРГЕ КОЛ КОЮЛДУ

Президент Садыр Жапаров 5-октябрда Дүйнөлүк банктын Операциялык иш-чаралар боюнча башкаруучу директору Аксель Ван Троценбург башында турган Дүйнөлүк банктын делегациясын кабыл алды.

Жолугушууда өнөктөштүктүн артыкчылыктуу багыттары жана Кыргызстан менен Дүйнөлүк банктын жакынкы жылдардагы кызматташуусунун келечеги боюнча пикир алмашуу болду. Мамлекет башчысы Дүйнөлүк банкка өлкө экономикасын өнүктүрүүгө болгон колдоосу үчүн ыраазычылык билдирип, каржы институту көп жылдардан бери өнүктүрүүнүн бардык негизги багыттары боюнча олуттуу жөлөк-жардам көрсөткөн мамлекеттин маанилүү өнөктөшү экенин кошумчалады. Аны менен бирге Тажикстандын Кыргызстанга куралдуу агрессиясына байланыштуу соңку окуялар Баткен облусунун жарандык жана социалдык инфраструктурасынын ири кыйроолоруна алып келгенин билдирди. Дүйнөлүк банктын тажрыйбасын жана эксперттик мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, Президент Садыр Жапаров каржы институтунун көңүлүн агроөнөр жай комплекси, туризм, жеке секторду колдоо, транспорт жана энергетика, анын ичинде энергияны кайра жаратуучу булактар сыяктуу кызматташтыктын багыттарына бурду.

Өз кезегинде Дүйнөлүк банктын башкаруучу директору Аксель Ван Троценбург саламаттыкты сактоо, билим берүү тармагын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, адам укуктары маселелерине токтолду. Жолугушууда энергетика жана социалдык өнүктүрүү тармагындагы долбоорлор боюнча келишимдерге кол коюлду. Документке кыргыз тараптан каржы министри Алмаз Бакетаев, Дүйнөлүк банктан Борбордук Азия боюнча регионалдык директору Татьяна Проскурякова кол койду.

СТАНИСЛАВ ЗАСЬТЫ КАБЫЛ АЛДЫ

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 5-октябрда Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) Башкы катчысы Станислав Засьты кабыл алды. Жолугушууда регионалдык коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуу, ошондой эле Уюмдун алкагындагы өз ара аракеттенүү маселелери боюнча пикир алмашуу болду.

Президент 2022-жыл Жамааттык коопсуздук келишимине кол коюлгандыгынын 30 жылдыгы жана ЖККУнун түзүлгөндүгүнүн 20 жылдыгы менен белгиленип жатканын айтып, Уюмдун мааракелик жылына ЖККУга мүчө мамлекет - Тажикстандын жакындагы мыйзамсыз жана деструктивдүү аракеттери көлөкө түшүргөнүн өкүнүч менен белгиледи. ЖККУнун Башкы катчысы Станислав Засьт өз кезегинде кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы соңку кайгылуу окуяларга байланыштуу көңүл айтып, уюм бул кризистик кырдаалды жөнгө салууга көмөк көрсөтүүгө даяр экенин билдирди. Ошондой эле, Садыр Жапаровго 2022-жылдын күз айында Арменияда өтүшү пландалган Уюмдун уставдык органдарынын алдыдагы отурумдарына жана Жамааттык коопсуздук кеңешинин сессиясына даярдык көрүү иштери тууралуу маалымат берди.

МАМЛЕКЕТТИК-ЖЕКЕ ӨНӨКТӨШТҮК БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров мамлекеттик-жеке өнөктөштүк боюнча эл аралык конференцияга катышты.

Ал “Экономикалык кырдаал тездик менен өзгөрүп жаткан заманбап чакырыктардын жана глобалдык процесстердин шартында, бийлик органдарынын, бизнестин жана эксперттик коомчулуктун күч-аракетин бириктирүү өзгөчө мааниге ээ болууда. Негизгиси, бул жарандарыбыздын жашоосун жакшыртуу максатында инфраструктуралык жана социалдык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча жаңы чечимдерди ыкчам ишке киргизүүгө мүмкүндүк берет. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк – бул коомдук инфраструктураны түзүүнүн жана олуттуу модернизациялоонун натыйжалуу ыкмасы болуп саналат” деген оюн билдирди.

Анын айтымында, ар кандай эл аралык рейтингдердеги Кыргыз Республикасынын бүгүнкү көрсөткүчтөрү реформаларды ишке ашыруудагы негизги көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө өлкө “The Economist Intelligence Unit” көз карандысыз компаниясынын маалыматы боюнча, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүүнүн жаңыдан өнүккөн баскычынан өнүккөн стадиясына өтүү менен 69 өлкөнүн ичинен 22-орунда турат. Өкмөт башчы кошумчалагандай, “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун санынын тез өсүшүнүн негизги фактору болуп калды.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык инфраструктурасын модернизациялоого жеке инвестицияларды мындан ары концентрациялоо максатында 2026-жылга чейин Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү программасы кабыл алынган. Анын алкагында энергетика, саламаттыкты сактоо, жол-транспорт тармагында 100 млрд сомдон ашуун суммага мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн 50 ири долбоорлорун ишке ашыруу жана ишке киргизүү боюнча милдеттер коюлган. Ошондой эле өлкөнүн бардык аймактарында чакан пилоттук долбоорлор - бала бакчалар, спорт залдар, логистикалык борборлор даярдалып, ишке киргизилмекчи.

БИР КАТАР СУДЬЯЛАР ДАЙЫНДАЛДЫ

Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеши тарабынан Президент Садыр Жапаровдун атына Нарын, Ысык-Көл, Талас облустарынын жана Бишкек шаарынын айрым жергиликтүү сотторунун бош судьялык кызмат орундарына 7 талапкер боюнча сунуштар келип түшкөн. Тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан талапкерлерге карата берилген кошумча материалдарды эске алуу менен Мамлекет башчысы судьялык кызматка дайындоо үчүн бардык жети талапкер боюнча Кеңештин сунуштары менен макул болду. Президент жети талапкер боюнча жергиликтүү соттордун судьялык кызматтарына дайындоо жөнүндө жарлыктарга кол коюп, алар төмөнкү сотторго судьянын ыйгарым укуктарын жүргүзүү үчүн жиберилди: Ат-Башы райондук соту Шерипов Улан Турганбекович; Тоң райондук соту Талантбекова Аида Талантбековна; Балыкчы шаардык соту Ысаков Элдияр Пазылович; Кара-Буура райондук соту Асанова Элмира Орозобековна, Асилова Индира Ашимжановна; Ленин райондук соту Алиев Авчи Мустафаевич, Осмонов Баимбек Абдилакович. Жарлыктар кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Даярдаган
Жазгүл КАРБОСОВА

МҮНӨЗҮ ШАР, ПРИНЦИБИ ТАК НУРЛАНБЕК ШАКИЕВ

(Башталышы 1-бетте)

Шаршемби күнкү парламенттин жалпы жыйынында мурдагы Төрага Талант Мамытов өз ыктыяры менен Төрагалык кызматтан кетүү чечимин кабыл алганын жарыялаган. Депутаттар башка маселелерди кароону токтото туруп Төраганы ошол эле күнү шайлоо чечимин кабыл алышып, “Ата-Журт-Кыргызстан”, “Альянс”, “Ишеним” фракциялары жана “Элдик” депутаттык тобу Жогорку Кеңештин Төрагалыгына Нурланбек Шакиевди көрсөтүштү.

Кырктын кырынан эми ашкан Нурланбек Шакиевди биздин жамаат жакшы билет. Ал 22 жашында “Эркин Тоо” гезитинин башкы редакторунун орун басары болуп келген. Андан кийин гезиттин Башкы редактору болуп да мыкты иштеди. Ал иш билгилиги, эң башкысы бийик адамкерчилиги, кандай жагдай болбосун чечкиндүү жана калыс пикири үчүн бат эле жамааттын сый-урматына татыган. Аны биз жаш кезинен бери эле эң принципиалдуу жетекчи катары билебиз. Андан кийин да бир катар чоң кызматтарда иштеп, министрлик деңгээлге чейин жетти. Бүгүнкү күнү аны менен бирге иштегендердин же жакындан билгендердин баарынын оозунан Нурланбек Шакиев жөнүндө жакшы гана сөздөрдү угууга болот. Бекеринен парламенттин 90 депутатынын 80и аны колдоп добуш бербесе керек.

Кийинки мезгилде коомчулукта парламенттин ишмердигине сын-пикирлер көп айтылууда. Парламент алсыз, алар өз функцияларын аткарбай жатат дегендер да аз эмес. Мына ушундай шартта Нурланбек Шакиевдин келиши биздин көз карашыбызча парламенттин ишмердигине өзүнүн оң таасирин бере алат. Ал Төрагалыкка талапкер катары суроолорго жооп берип жатып, парламент Конституция боюнча өз функциясын так аткарышы керек деген бекем позициясын айтты. Ошондой эле ал депутаттар менен биргелешип парламенттин ролун жогорулатуубуз керек деп белгилеп, парламенттин өз орду бар, сиздер менен чогуу коом алдында Жогорку Кеңештин кадырын көтөрөбүз, - деген ишенимин билдирди.

Парламенттин ишмердиги Министрлер Кабинетинин иши менен тыгыз байланышта. Максат аткаруу бийлигин ашыкча жүдөтүп, какмалай берүү болбошу керек. Өлкөбүздүн өнүгүүсү үчүн өз ара ынтымакта бири-бирин колдоо менен жыйынтыктуу иш алып баруу маанилүү. Талапкер катары Нурланбек Шакиев бул багытта өз пикирин айтып Министрлер Кабинети менен конфронтацияга да, ашыкча мактоого да барууга болбосун белгиледи. Анын пикиринде азыркыдай тышкы душмандар агрессияга барып жаткан чакта өлкө ичинде биримдик бекем болуп, достук жана сый-урмат мамиледе иштиктүү иш алып баруу зарыл. Бул анын жалпы эле Төрагалык ишмердигиндеги негизги постулаттарынын бири экенинде шек жок.

Нурланбек Шакиевдин жеке сапаттарынын бири катары башкалардын пикирин да уга билип, жөндүүсүн шар кабыл ала алган жагын да белгилөөгө болот. Ал Төрагалык ишинде мурдагы спикерлер Адахан Мадумаров, Дастан Жумабеков, Талант Мамытовдордон колдоо жана баалуу кеңештерди алууга ниеттенет. Анда майда-чүйдө маселелерге буйдалбаган шар мүнөз бар. Кайсы жерде иштебесин, кандай жагдай болбосун иштин кызыкчылыгы жана натыйжа ал үчүн баарынан маанилүү. Минтип айтып жатканымдын себеби ал жетекчи болуп барган бардык жерде бекем тартипке басым коюп, иштин сапатына жетишүүгө аракет кылат жана өз максаттарын ар убак ишке ашырган адам. Муну аны менен иштешкен жамааттар жокко чыгара албас.

Нурланбек Тургунбекович Жогорку Кеңештин Төрагасы катары жаңы дем, жаңы күч менен өзүнө мүнөздүү принциптерди карманып иш баштаарынан күмөн саноого болбойт. Ал ар дайым өзгөрүүлөрдү жасоого умтулган жетекчи. Анын дагы бир өзгөчөлүгү, өз оюн тартынбай айтат жана ал сөзүнөн танбаган көкжалдыгы бар. Себеби, ар бир пикирге, ооздон чыккан жаман же жакшы сөздүн сөзсүз түшүндүрмөсү бар. Соцтармактарда да ал жөнүндө ар кандай пикирлер айтылууда. Биз муну Нурланбек Шакиевди билбеген адамдардын пикири деп ойлойбуз.

Жогорку Кеңештин жаңы Төрагасы депутаттардын жана шайлоочуларынын ишенимин актап, Мекенге ак кызмат кыларына бекем ишенебиз. Биз Нурланбек Шакиевди өтө жооптуу жогорку кызматка шайланышы менен чын дилибизден куттуктап, ишиңе ийгиликтерди каалайбыз.

ПАРЛАМЕНТТЕ ЭМНЕ КЕП?

Бейшемби күнкү Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында депутаттар адаттагыдай эле ар кандай маселелер боюнча ой-пикир, сунуштарын айтышты. Депутаттардын көтөргөн маселелеринин басымдуу бөлүгүн мектеп, оорукана, балдар бакчасы, жол, көпүрө куруу, сугат суусу сыяктуу маселелер түздү.

ПАРЛАМЕНТТЕ ЖАҢЫ ДЕПУТАТТЫК ТОП ТҮЗҮЛДҮ

6-октябрда Жогорку Кеңештеги “Ата Журт-Кыргызстан” фракциясынан бир мандаттуу округдардан шайланып келген 14 депутаты бөлүнүп чыгып, “Мекенчил” аттуу депутаттык топ түзүлгөнүн жарыялашты. Жаңы депутаттык топту №12 Өзгөн шайлоо округунан шайланып келген Элмурза Сатыбалдиев жетектейт.

Мындан тышкары дагы 5 депутат эч кандай депутаттык топ же фракцияга киришкен эмес. Алар: Эльвира Сурабалдиева, Дастан Бекешев, Шайлообек Атазов, Сейид Атамбаев, Дастан Жумабеков. Мындан тышкары бир мандаттуу округдардан шайланып келген дагы 4 депутат “Ата-Журт-Кыргызстан” фракциясынын курамында калды. Кошумчалай кетсек, алгач “Ата-Журт-Кыргызстан” фракциясынын курамына бир мандаттуу округдардан шайланып келген 18 депутат мүчө болуп кирген.

Мындан тышкары жетинчи чакырылыш өз ишин баштаганда бир мандаттуу округдардан шайланып келген 13 депутаттан турган “Элдик” депутаттык тобу түзүлгөн. Алардын лидери – №35 Ак-Суу шайлоо округунан шайланып келген депутат Акылбек Түмөнбаев.

ТУУ, ГИМН БОЮНЧА МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ ДАЯРДАЛУУДА

Жогорку Кеңеште мамлекеттик Туубуздун түсүн жана Гимндин текстин өзгөртүү маселеси дагы айтылды. Депутат Арслан Малиев Туунун түсү Союз мезгилинде тандалганын айтып, тарыхыбыз боюнча кыргыздардын желеги көк түстө болгон, ага кайтып барышыбыз керек деген пикирин айтты. Ошондой эле анын пикиринче Гимндин текстинин айрым сөздөрүн да өзгөртүү зарыл. Депутаттын айтымында бул багытта мыйзам долбоору даярдалууда.

Арсланбек Малиев мындан мурдараак өлкөбүздүн аталышын өзгөртүүнү да сунуш кылган.

ЖӨЛӨКПУЛ ДАГЫ ЧОҢ ЖАРДАМ

“Мигранттар өлкөнүн чек арасынан чыгып кеткенден баштап эле алардын үй-бүлөсүнө жөлөкпул берүү токтотулуп жатат. Алар жакшы жашоодон улам иштеп келейин деп кетип жатышкан жок. Мамлекет тарабынан алган кичине жөлөкпулдан да кур калган үй-бүлөлөр азыркы шартта ого бетер кыйынчылыкта калып жатышат” деп кайрылды депутат Надира Нарматова Президенттин Жогорку Кеңештеги ыйгарым укуктуу өкүлү Алмазбек Абытовго. Депутат иш издеп тышка чыгып кеткендердин баары дароо эле үй-бүлөсүнө жардам бере койбосу белгилүү, ошондуктан алар ишке орношконун, иш берүүчү менен эки тараптуу түзүлгөн келишимдерин тактап билип, анан жөлөкпул төлөөнү токтотуу керек деген сунушун айтып, бул жагдайга көңүл бөлүүнү өтүндү.

ШААРДЫ ЖАШЫЛДАНДЫРАЛЫ ДЕСЕК...

Депутат Жаныбек Абиров Бишкек шаарындагы Арчабешик, Ак-Өргө, Ак-Ордо жаңы конуш тургундарынын маселесин көтөрдү. Айрым маалыматтар боюнча 8.6 гектар жерди ээлеген №47 абактын ордуна турак-жай комплекси курула тургандыгы айтылууда. Депутаттын айтымында бул багытта Мамкурулуш документтерин даярдап жатыптыр. Бирок бул райондо бир да парк жок, бул аймакта жашаган калк ал жерге парк курууну сунуш кылышууда, – дейт депутат. Жакынкы мезгилде шаарыбызга кошула турган ал аймактагы айрым айылдарды эске алганда шаардын калкынын саны дагы өсөт, андыктан парк курган туура болот. Парк – бул шаарды жашылдандыруу, элдин эс алуучу жайы, – деди Жаныбек Абиров.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Чек арага чекит коюлат

ПРЕЗИДЕНТ ЭЛДИ САБЫР КЫЛУУГА ЧАКЫРДЫ

Шейшемби күнү Президент Садыр Жапаров Өзгөн шаарында жергиликтүү эл менен жолугушуу өткөрдү. Анда кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасына жана "Кемпир-Абад" суу сактагычына байланыштуу кеңири маалымат берүү менен бирге элдин суроолоруна да жооп берди.

Жолугушууга Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев, Башкы прокурор Курманкул Зулушев, Жогорку Кеңештин депутаттары жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жетекчилери катышты.

Президент менен жолугушууга келген элдин саны көп болгондуктан, акимиаттын жыйындар залына батпай калды. Бирок экинчи этап менен бардыгы киргизилген. Дээрлик бир күнгө сөзулган жолугушуу эртең мененки саат 10до башталып, кечки саат 17ге чейин уланды. Президент Садыр Жапаров социалдык баракчасындагы кайрылуусунда белгилегендей, элге так документтер жана бир канча жыл мурун кол коюлган келишимдердин негизинде түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Эми жакынкы күндөрү келишимге кол коюлуп, ал парламенттин кароосунан өтүп, бекигенден кийин бардыгы элге ачык көрсөтүлөт.

"Негизинен талаш жерлер дээрлик 99 пайыз биз тарапка өттү. "Кемпир-Абадды" буга чейин толук Өзбекстан тарап көзөмөлдөп келсе, эми мындан ары 50/50 үлүштөгү биргелешкен ишкана түзүп, плотинаны чогуу башкарабыз деген келишимге келдик. Суунун деңгээлин 908 горизонттон 900 горизонтко түшүрдүк. Ошондо көлдүн жээгинен 1246 гектар жер бошоп, бизге өтүп жатат. Ал жерди ошол жерде жашаган элибиз түбөлүк айыл чарба багытына колдонушат",- деген Мамлекет башчысы элди сабыр кылып, күтө турууга чакырды.

Чындыгында чек ара маселелерине тынчсызданган элди



түшүнсө болот. Бул көйгөйдөн улам буга чейин далай чырчатактар чыкты. Ошондуктан, бир келишимге келип аягына чекит коюлмайын дагы далай чырдын башы чыгаары чындык. Президент Садыр Жапаров жалпыбызга үмүттүн үрөөнүн сепкендей, калган чек ара жерлери акыйкат чечиле турган болсо, доомат айтпай сүйүнө турган учурга жетүү бардыгыбыздын тилегибиз.

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров: "Бир сантиметр жер берген жокпуз. Тескерисинче алдык. Жүз жылдан кийин дагы биздин эмгек, биздин чечим ак жана кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн болгонун тарых тастыктап берет. Биз Каркыра, Төрт-Көчөнү берген чыккынчылардан эмеспиз",- деп, бузукулук кылып, элдин башын айландырган айрым адамдарга карата мыйзам чегинде катуу жаза көрүлөөрүн эскертти.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

ЖАБЫРКАГАНДАРГА ЖАКЫНДАН ЖАРДАМ

Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акимдин биринчи орун басары Абдирашит ТАШБАЛТАЕВ:

"УЗАККА СОЗБОЙ, КЫШКА ЧЕЙИН ЭЛИБИЗДИН МУКТАЖДЫКТАРЫН ЧЕЧЕБИЗ"

Алдын ала чыгарылган эсептөөлөргө таянсак, Лейлек району боюнча жабыркаган турак жайлардын жалпы саны – 405. Анын ичинен Кулунду айыл аймагы боюнча – 223, Жаңы-Жер айыл аймагы боюнча – 178, Бешкент айыл аймагы боюнча – 3. Мындан тышкары тажик аскерлеринин аткылоосунан улам социалдык объекттер, мектеп, бала-бакчалар жарактан чыккан. 47 автоунаага снаряддын сыныктары тийип, 27си өрттөлгөн.
Калктын коопсуз жайга көчүрүлгөндүгүнөн улам, кароосуз калган дүкөндөр тажик мародёрлору тарабынан тонолуп, 751 баш мал жандыктарын айдап кетишкен. Мындан тышкары 139 коммерциялык объекттер тонолгон.
Учурда Лейлек районунда агрессиядан жабыр тарткан Жаңы-Жер, Кулунду айыл аймагындагы айылдарды калыбына келтирүү боюнча атайын штаб иштеп жатат. Бизге штабдын жетекчиси Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – акимдин биринчи орун басары Ташбалтаев Абдирашит Каримович айтып берди.

- Учурда кырдаал кандай, калыбына келтирүү иштери башталгандыр?

- Кырдаал тынч, учурда тажик тараптын аткылоосунан жабыр тарткан айылдарды калыбына келтирүү иштери күчөтүлгөн режимде жүрүп жатат. Акимибиз Алмазбек Рахманкуловичтин жетекчилиги менен күн сайын аткарылган жумуштардын жыйынтыгы чыгарылып, эртеңки күндүн милдеттери коюлууда. Азыр райондук мекемелер дагы ушундай тартип менен иштөөдө. Ар кимисинин өзүнүн милдеттери бар. Баарыбыздын бир эле максатыбыз кышка чейин оңдоп түзөөгө муктаж жана жараксыз үйлөрдү толук бүтүрүп, жарандарыбызга ойдогудай шарттарды түзүп берүү. Бул багытта 13 техника тартылып, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жоокерлеринин жардамы менен тазалоо иштери башталган. Мындан тышкары ашар жолу менен Кулунду айылындагы Интернационал айылы тазаланды.

- Канча үй, канча техника, канча короо-сарайлар жарактан чыкканы такталып бүткөндүр?

- Ооба, акимдин буйругу менен келтирилген чыгымдарды тактоо боюнча атайын комиссия иштеп жатат. Жалпы район боюнча жабыркаган турак-жайлардын саны – 405, анын ичинен оңдоп түзөөгө – 83, жеңил ремонтко – 221 үйдүн муктаж экендиги такталды. Ошого удаа эле жай тургундардын 47 жеке автоунаасынын 27си өрттөлүп, калгандарына снаряддын сыныктары тийген. Айтканга оңой болгон менен элдин мүлкүнө келтирилген зыяндарды да тактоо жеңил эмес. Ошого карабастан, комиссия 751 баш мал жандыктарын, 139 коммерциялык багыттагы дүкөндөрдү, 128 тонолгон үйлөрдү тактады. Жалпы айтылган бул цифралардын сомго айландырган суммасы дагы алдын ала чыгарылды.

Деген менен бул айткан цифралар дагы такталууда. Баары так болуш үчүн көз карандысыз эксперт баалоочулар тартылды. Азыр жергиликтүү тургундар, комиссиянын курамы, тийиштүү адистер менен биргеликте тактоонун акыркы жыйынтыктары чыгарылууда.

– "Мылтыктын үнү чыккан жерде мыйзамдын үнү чыкпайт" дегендей, тажик агрессиясынын аткылоосунан карапайым жарандардын жана жашы жете элек кыздын көз жумганы абдан өкүнүчтүү болду...

- Тилекке каршы, 24 жараныбыздын каза болушу өтө өкүнүчтүү. Алардын ичинен 15и аскер кызматкери, андан тышкары 67 жаран жаракат алып, 169 адам дарылануу да, 179у Бишкек шаарына ооруканага которулду. Биз бардык көзү өткөн эр азаматтарыбызга, анын ичинде 15 жашар Элзада кызыбыздын ата-энесине терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.

- Келтирилген чыгымдардын ордун толтуруу кандай тартипте жүргүзүлөт? Жакындарын жоготкондорго жана мал-мүлкүнөн ажыраган-дарга жардам болобу?

- Албетте, Президентибиз дагы жакынын жоготкондор, үймүлкүнөн ажырагандар мамлекеттин камкордугуна алынаарын айтты го. Азыр биздин негизги маселебиз кышка чейин турак жайларды калыбына келтирип, айылдын жай турмушун өз нугуна салуу. Биз чын эле оор кыйынчылыкты басып өттүк. Кыйраган айылдардагы электр жарыгын калыбына келтирдик. Таза суу, агын сууга байланышкан көйгөйлөрдү чечтик. Эми акырындап, комиссиянын чечимдери менен калгандарын да калыбына келтире баштайбыз. Ошол эле учурда узакка созбойбуз. Кыска аралыкта бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланабыз жана кышка чейин элибиздин муктаждыктарын чечебиз деген ниеттебиз.

- Коопсуз жайга көчүрүлгөндөр айылдарына кайтып бүтүштүбү?

- Жалпысынан 56147 жаран коопсуз жайларга көчүрүлгөн болчу. Бүгүнкү күндө алардын дээрлик бардыгы кайтышты. Жай турмуш башталып, Максат айылындагы Максат орто мектебин эске албаганда, райондогу бардык мектептерде окуу башталган. Учурдан пайдаланып, элибиздин башына кыйынчылык түшкөндө жардамын аябаган жалпы кыргыз элине ыраазычылык айтам. Мындай дегенибиз – бизге 419,4 тонна гуманитардык жардам, анын ичинен 382 тоннасы азык-түлүктөр келди.

- Абдирашит Каримович, кырдаал кышка даярдыкка таасир эткен жокпу? Канча тонна көмүр ташылды?

- Албетте таасирин тийгизди. Бирок ошого карабастан, жалпы районго керектүү 8436,9 тоннанын 25,59 пайызы ташылды. Анын ичинде билим берүү мекемелерине 16,57 пайыз, саламаттыкты сактоо тармагындагы имараттардын жылытылышына 25 пайыз, калкка 26,89 пайыз көмүр алынып келинди. Азыр бул өнөктүккө өзгөчө көңүл бурулуп, күчөтүлгөн темп менен көмүр отундарын камдоого кириштик.

Адылбек АКМАТОВ,
Баткен облусу

Учур маселеси

Юридика илимдеринин доктору Бекбосун БӨРҮБАШЕВ:

“ЭЛДИК КУРУЛТАЙ – ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮҮ ДЕМОКРАТИЯ”

Элдик Курултайды өткөрүү боюнча коомчулукта кызуу талкуу жүрүүдө. Учурда юристтер, окумуштуулар, саясатчылар жана жарандык коомдун өкүлдөрүнөн турган топ Элдик Курултай өткөрүү боюнча уюштуруу иштеринин үстүндө иштеп жатат. Бул багытта юридика илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, Элдик Курултайды өткөрүү комитетинин мүчөсү Бекбосун Бөрүбашев суроолорго жооп берди.



- Бекбосун Ишенбекович, бүгүнкү күндө Курултай институту тууралуу эки ача пикирлер айтылууда. Анын зарылдыгы, мыйзамдуулугу тууралуу айтып берсеңиз?

- Курултай жөнүндөгү маселе бүгүн эле чыга калган жок. Атам замандан бери элдин өкүлдөрү, аксакалдар чогулуп, маанилүү маселелерди талкуулап, жыйынтык чыгарып келишкен. Аталышы гана башкача болбосо түзүлүшү, аткарган иштери боюнча анчалык деле айырма жок. Көчмөн цивилизациясынын саясий системасында курултайлар болуп келген. Бизде Курултай маселеси 20 жылдан бери көтөрүлүп келе жатат. Керек болсо 2010-жылдагы Баш мыйзамда Курултай тууралуу жобо болгон. Болгону анда бул тууралуу жоболор адам укуктары боюнча беренеге туш келип калган. 2020-жылы Конституциялык реформа башталгандан бери эң көп талкууга алынган маселе ушул Курултай болду. Талкууну жалпы Кыргызстан көрүп, ачык пикирлер айтылды. Ошондуктан көпчүлүк жарандардын каалоосун, суроо-талабын чечүү үчүн бизге Элдик курултай институтун киргизүү сунушталды.

Элдик курултай демократиянын бир түрү. Ал - өкүлчүлүктүү демократия. Ошондуктан биз Баш мыйзамдын 4-беренесине Элдик Курултай жөнүндө жобону киргиздик. Ал жерде Элдик Курултай мамлекеттик орган эмес деп жазылган. Муну көпчүлүк чаташтырып, айрым депутаттар Жогорку Кеңештин ордуна Элдик Курултай келет деп жатышат. Бул негизи туура эмес. Мен аларга 7 жана 76-беренени жакшылап окуп чыгууларына кеңеш берет элем. Элдик Курултай менен Жогорку Кеңеш эки башка милдетти аткарат. Бирөө эл өкүлү болсо, экинчиси жогорку эл өкүлү. Ошондуктан экөө биринин ордун бири алмаштыра албайт. Тескерисинче, экөө бири-бирин толуктап турат десем туура болот.

Бүгүнкү күндө уюштуруу комитети бардык негизги документтерди иштеп чыкты. Анда кимдер Элдик Курултайдын делегаттары боло алары жана боло албасы так жазылган.

- Кимдер делегат боло албайт?

- Мамлекеттик кызматкерлер, депутаттар, жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрү делегат боло алышпайт. Аларда делегат болуу укугу жок. Жергиликтүү жамааттардын ичинен делегаттар тандалып, ал элдин атынан Элдик Курултайга катышат. Ал эми делегаттарды жергиликтүү эл тандайт. Ал үчүн коомчулукту өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрү көтөрүлө турган жергиликтүү курултайларды өткөрүү зарыл. Элдик Курултайга бир ай калганда ага катыша тургандардын тизмеси бекитилет. Аларды уюштуруп, алып келүү иштерин айыл өкмөттөр камсыздайт. Курултайдын делегаты болуп 21 жашка толгон кыргыз жараны үч жылдык мөөнөткө шайланат.

- Бүгүнкү күндө коомчулукта Баш мыйзамга Курултай институтун киргизүү тууралуу эмес деген да пикирлер айтылууда. Бул боюнча оюңуз кандай?

- Курултай институтунун Баш мыйзамга кириши абдан туура кадам деп ишенимдүү айта алам. Көптөгөн жылдар бою өлкөнү талап-тоногондордун жоопкерчиликсиз мамилеси, өлкөнүн келечегине кайдыгер мамилелер, коррупция сыяктуу терс көрүнүштөрдүн жыйындысы Курултай институтунун түптөлүшүнө алып келди. Элдик Курултайдын максаты - элдик бийликти, башкарууну, көзөмөлдү күчөтүү. Ар кандай күчтөргө таянып 5 жыл сайын төңкөрүш кыла берсек, мамлекеттүүлүктөн ажырап калышыбыз мүмкүн. Ата-бабалардан келе жаткан улуттук баалулуктардан кол жуун, улут катары түпкү тарыхыбызга доо кетет.

- Курултай институтуна чет өлкөдө жашаган жарандарыбыз катыша алабы?

- Албетте. Чет өлкөдө жашаган жарандар үчүн 28 орун каралган. Алар чет мамлекеттердеги элчиликтер, консулдуктар жана диаспоралар аркылуу тандалышат. Ошондой эле, Кыргызстанда жашаган ар бир улуттун өкүлү жана бардык диний көз караштагы жарандын катышууга укугу бар.

- Аталган институттун түзүмү жана ишмердиги тууралуу айтып берсеңиз. Курултай кандай учурда чакыртылат?

- Курултайдын ишмердүүлүгү жана статусу Баш мыйзамдын 7-беренесине ылайык жүргүзүлөт. Ага ылайык өкүлчүлүктүү, багыт берүүчү институт катары иш алып барат. Жалпысынан 21 кишиден турган жамаат иштейт. Ар бир аймакта жана Бишкек, Ош шаарларында Аксакалдар кеңештери кошумча иш алып барышат. Бир жылда бир жолу бийлик бутагынын маалыматын угат. Ал эми кезексиз Курултай делегаттардын үчтөн эки бөлүгүнүн демилгеси менен чакыртылат.

Курултайдын катышуучуларынын мамлекеттик маанилүү маселелерди көтөрүп чыгып, аны чечүүдөгү орду чоң. Маданият тармагынан баштап жогорку экономикалык маселелер талкууланып, өлкөнүн келечектеги өнүгүү баскычтарына тийгизген таасири натыйжалуу болот деген ишеним зор. Курултайга катышкан миң делегат айлык албайт, үй менен камсыз кылыш керек деп убара тартпайбыз. Тескерисинче бир жылда бир чогулуп, сунуш-пикирлерин ортого салышат. Атүгүл бийликтен аткарылган иштердин жыйынтыгын сураганга жана баа бергенге акысы бар. Жалпы эл чогуу-чаран кеңешип иш кылгандан жакшы натыйжа чыгышы керек. Коррупцияга бөгөт коюлуп, төңкөрүш, баскынчылыкка жол жабылат. Кыргызстан өнүгүү жолуна түшөт.

- Делегаттар элдин элегинен туура өтпөй, Курултай өз максатына жетпей калса эмне болот?

- Азыркы учурда жалпы Кыргызстандын жарандары өлкө тагдырына кайдыгер эмес. Кенедей балдардан тартып, аксакалдарыбызга чейин мамлекеттин бүгүнкү тынчтыгы жана келечектеги өнүгүүсү үчүн өз салымыбызды кошууга тийишпиз. Туура багыт алып, өнүгүү кадамдарын таштоого убакыт жетмей тургай өтүп баратат. Мындай өлкөнүн келечегин, өнүгүүсүн жана бейпилдигин камсыз кылууга багытталган, чечүүчү учурда тууган-урук, тааныш-билиш дегендик таптакыр унутулууга тийиш. Мындай жоопкерчиликти ар бир жаран сезиши керек. Аймактардагы көтөрүлгөн маселелер чечилбей, өсүш байкалбаса анда ошол эл туура эмес делегат тандап алган болот. Демек, эл өзү күнөөлүү болуп табылат. Жоопкерчилик элдин өзүндө да, ошол эле учурда өкүлүндө да бирдей каралган. Бирок, андай болбойт. Чогуу тарткан араба арбытат. Бардык аракет өлкөнүн келечеги, өнүгүүсү жана тынчтык үчүн.

Өрнөктүү өмүр

УЛУТ СЫЙМЫГЫ МАМБЕТ МАМАКЕЕВ

Кечээ Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын эмгек жамааты Кыргыз Республикасынын Баатыры Мамбет Мамакеевдин торколуу 95 жашынын урматына салтанаттуу кече өткөрүп, белектерди тапшырды. Алгач аталган улуттук комиссиянын жетекчиси Бакыт Тыналиева куттуктоо сөз сүйлөп, тарыхта аты алтын тамгалар менен жазылып кала турган сыймыктуу хирург аксакалдын ишмердигине токтолду.

Кыргыз Улуттук хирургия борборунун негиз салуучусу, Кыргыз Республикасынын Баатыры Мамбет Мамакеев илим изилдөөнү, медициналык тажрыйбаны, уюштуруу-башкаруучулукту жана сапаттуу илимий адистерди даярдоону ийгиликтүү айкалыштыруу менен 40тан ашык медицина илимдеринин доктору жана кандидаттарын даярдап чыгарган.

Б.Тыналиева белгилегендей М.Мамакеев 1991-жылдан тартып азыркы мезгилге чейин хирургия адистиги боюнча диссертациялык кеңештин төрагасы болуп талыкпай эмгектенип келгендигине окумуштуулар жамааты сыймыктанат. Анын иш билги жетекчилиги астында көптөгөн изденүүчүлөр илимий эмгектерин, өз билимдерин андан ары терендетүү максатында иш алып барууну каалашат.

“Адам өмүрү үчүн күрөш жүргүзгөн түйшүгү түмөн кесипти аркалап тургандыгыңызга карабай жыл сайын 5000ден ашык татаал операцияларды жасап, натыйжалуу дарылоо ыкмаларын ойлоп таап, аны иш жүзүнө ашырдыңыз. Эл үчүн кылган эмгегиңиздин аркасында Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмери, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери, эки жолку лауреаты жана биринчи класстагы мамлекеттик кеңешчиси, И.К.Ахунбаев атындагы академиялык сыйлыктын лауреаты, Прага шаарындагы Карлов университетинин (Чехия) алтын медалынын ээси, Оксфорд шаарынын Сократовдогу Эл аралык комитетинин «Дүйнөлүк илимге кошкон салымы үчүн» (Великобритания) берилген алтын медалы, КМШ өлкөлөрүнүн «Шериктештик» орденинин кавалери, КРнын баатыры деген наамдарга татыдыңыз.

Сизге чын дилден бекем ден соолук каалайбыз, үй-бүлөңүз менен бакубат узак жашаңыз, өрүшүңүз жайык болуп, кетпес кенч, кеңири дөөлөт консун!”,-деди Б.Тыналиева.

Разия ЖООШБАЕВА

АРАКЕТКЕ БЕРЕКЕТ

КР Экономика жана коммерция министри Данияр АМАНГЕЛДИЕВ:

“Электрондук соода-сатыкты өнүктүрүү үчүн укуктук база түптөлдү”

Сентябрь айынын экинчи бөлүгүндө Кыргызстанда Ишкерлер күнү белгиленди. КР Экономика жана коммерция министри Данияр Амангелдиев Кыргызстандын өнүгүшүнө салым кошуп жаткан алдыңкы бизнесмендерди куттуктап, өз иштеринде ийгиликтерди жараткан ишкерлерге сыйлыктарды тапшырды. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып мамлекет тарабынан ушул багытта аткарылып жаткан иштер тууралуу министр мырза менен маек курдук.

- Данияр Жолдошевич, Кыргызстанда бүгүнкү экономикалык саясаттын өзөгүн эмне түзөт?

- Экономикалык саясаттын негизги өзөгү стратегиялык милдеттерди чечүүдө турат. Биринчиден, COVID – 19 пандемиясынын терс таасиринен экономиканы калыбына келтирүүчү кризиске каршы чараларды ишке ашыруу, акыркы кездеги геоэкономикалык чектөөлөргө байланыштуу кырдаалды жөнгө салуу керектелет. Экинчиден, экономикалык өсүүнү тездете турган реформалар үчүн инвестицияларды сырттан жана ичтен тартууну ишке ашырууга багытталган. Экономикалык абалды туруктуу кармап өсүүнү камсыздоо үчүн фискалдык саясат маанилүү роль ойнойт. Жаңы Салык кодекси иштелип чыгып, анда салык салууга жаңыча ыкмалар киргизилди. Айтсак, жалпы режими, Бирдиктүү салыктын негизинде жөнөкөйлөтүлгөн салык системасы иштеп жатат. Мындан тышкары, конкреттүү тармактар үчүн белгилүү бир преференциялар берилүүдө. Алсак, ата мекендик өндүрүүчүлөр үчүн сатууга болгон салыктын ставкасы 2 пайыздан 1 пайызга түштү; тигүү тармагы үчүн бирдиктүү салыктын төмөндөтүлгөн ставкасы 0,25 пайыз болду. Электробустарды чыгарып жана ташып келе турган субъекттер кошумча нарк салыгынан бошотулду. Кыргызстандын ичинде электрондук кызмат көрсөтүп жаткан (GOOGLE, YANDEX, YANDEX TAXI ж.б.) компаниялар үчүн кошумча нарк салыгын төлөө киргизилди. Электрондук соода тармагы үчүн 2 пайыздык атайын салык режими кирди. Эгер салык төлөөчү негизги сумманы үстөгү жана айыптары менен чогуу төлөсө, анда үстөк менен айыптардын 50 пайызын төлөөдөн кечүү да каралган.

- Мамлекет ишкерлерди финансылык жактан колдоо боюнча кандай конкреттүү чараларды ишке ашырып жатат?

- Бул багытта абдан натыйжалуу иштер аткарылууда. Эске салсам, Кепилдик фондунун уставдык капиталы 4,1 млрд сомго чейин көбөйтүлдү. Бул ишкерлерге бериле турган кепилдиктердин санынын көп болушуна алып келет. Агроөнөр жай комплексин кластердик өнүктүрүү үчүн бюджеттен 9 млрд сом бөлүнүп, мындан ары дагы аны 26 млрд сомго жеткирүү каралууда. Учурда эт, сүт, жашылча-жемиштер, кумшекер, өсүмдүк майы, картошка, жумуртка жана буудай боюнча кластерлер иштеп жатат. Мындан тышкары, “Айыл чарбасын каржылоо – 9” долбооруна 6,2 млрд сом бөлүнүп, ушул долбоордун алкагында 2021-жылы өлкө боюнча айыл чарбасындагы 10 392 товар өндүрүүчүлөргө жалпысынан 6,1 млрд сом кредиттер берилген. Үстүбүздөгү жылы “Айыл чарбасын каржылоо – 10” долбооруна берилген каражат 5 млрд сомго көбөйгөн. Кризистен чыгуу үчүн чакан жана орто бизнеске колдоо көрсөтүү боюнча “Кичи, чакан жана орто ишканаларды чукул колдоо” долбоору ишке ашырыла баштап, долбоор алкагында 100,0 млн АКШ доллары үстөгү жок берүү жүрүп жатат. Евразиялык стабилдештирүү жана өнүктүрүү фондунан 80 млн АКШ доллары өнөр жайын жана туризмди өнүктүрүү үчүн тартылды. Мындан башка Соцфонддун топтомо фондусун пайдалануу үчүн аны экономикага реинвестиция катары тартуунун механизми ишке киргекчи. 500 млн АКШ долларына евробонддорду чыгаруу да иштелүүдө. Өлкөбүздүн алтын запасын чет элдик инвестицияларды тартууда камсыздоочу механизм катары пайдалануу да иштелип жатат.

- Учурда мамлекет тарабынан ишкерлер чөйрөсүнө абдан олуттуу каржылык колдоо көрсөтүлүп жатканы да жакшы. Муну менен катар экономиканы өнүктүрүү үчүн атайын түзүмдөр да иштешүүдө. Ушул тууралуу айтсаңыз?

- Бул багытта мамлекеттик колдоону жана ресурстарды консолидациялоо, инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү институттары боюнча Координациялык кеңеш түзүлгөн. Анын алдында долбоорлор офиси иштеп, мыкты инвестициялык долбоорлорду алып чыгып, алардын ийгиликтүү ишке ашуусун колдоп, инвестициялык долбоорлорду түзүмдөштүрүү менен комплекстүү даярдоо иштерин аягына чейин жүргүзөт. Уставдык капиталы 1 млрд сомдук “Кыргызиндустрия” ачык акционердик коому түзүлдү. Ал мамлекеттик үлүшү бар ишканаларды эффективдүү башкарууну жана өнөр жайды модернизациялоону ишке ашырат. “Улуу көчмөндөрдүн мурасы” улуттук холдинги түзүлүп, анда жер байлыктарын пайдалануу жана экономиканын окшош тармактарындагы долбоорлорду эл аралык тажрыйбаны колдонуу менен ишке ашыруу каралган. Ал эми туризм тармагын жакшыртуу үчүн “Кыргызстандагы туризмди өнүктүрүү жана колдоо фонду” 1 млрд сомдук уставдык капиталы менен түзүлдү. Дагы белгилей кетсек, экономикалык эффективдүү кызматташуу үчүн жана өлкөнүн экономикасын модернизациялоого Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду, Кыргыз-Өзбек өнүктүрүү фонду, Кыргыз-Венгрия өнүктүрүү фонду сыяктуу мамлекеттер аралык фонддор да ийгиликтүү иштеп жатышат.

- Акыркы кезде кассалык – көзөмөлдөөчү машина (ККМ) тууралуу коомчулукта ар кандай сын-пикирлер, ойлор айтылып, митингге чыккандар да болду. Азыр бул иш кандай натыйжа берүүдө?

- Бул инструментти киргизүүнүн башкы максаты – көмүскө экономиканы ачыкка чыгаруу, ар кандай текшерүүлөрдү азайтуу жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо. Көмүскө экономикадан чыгуу максатында “Кэшбек”, “Чек талап кыл да, байге утуп ал!” долбоорлору иштеп жатат. Мындан сырткары салык боюнча көзөмөлдү аралыктан жүргүзүү системасын киргизүү да пландалууда. Учурда коомчулук да, ишкерлер да бул инструментти колдонууну кеңири жайылтып жатышат. Керектөөчүлөр да ар бир алган буюму үчүн чек талап кылганды билип калышты. Бизнес чөйрөсүндө, соода-сатыкта ККМ толук ишке кирсе, биздин экономикада чындап өсүү болуп жатканын аз убакытта эле көрүп-билебиз. Деги эле фискалдык саясат мындан ары стимул берүүгө жана бардык процедураларды жөнөкөйлөтүүгө гана багыт алат. Туризм тармагы жана креативдүү индустриялар паркы үчүн да ийкемдүү салык төлөө формалары киргизилди.

- Экспорт экономиканы алдыга тарткан негизги локомотив. Бирок, мурдагыдай эскиче товар экспорттоодон башка жаңы ыкмалар, кызмат көрсөтүүлөр, жаңыча жолдор чыгып жатпайбы. Бул багытта сиз жетектеген министрлик кандай иштерди аткарып жатат?

- Акыркы кезде дүйнөдө интернет соодасынын глобалдык рыногу кулач жаюуда. Бул тармак бир топ жылдан бери өсүү үстүндө гана келе жатат. Биз дагы дүйнөлүк тенденцияны эске алуу менен ага ылайыкташып жатабыз. Электрондук соода-сатыкты өнүктүрүү үчүн, Кыргызстанда өзгөчө шарттар түзүлүүдө. Биринчиден электрондук соода-сатыкты өнүктүрүү үчүн укуктук база түптөлдү. Ал аркылуу “Амазон” жана “Вайлдберрис” эл аралык платформаларына продукцияларды чыгарууга шарт түзүлдү. Глобалдуу маркет-плейстерге биздин товарларды киргизүү иштери жүрүп, алардан складдык имараттарды алуу жагы каралып жатат. Булар үчүн жаңы Салык кодексинде түшкөн кирешеден 2 пайыз алуу боюнча атайын салык режими иштеп жатат. Экспортту өнүктүрүү менен продукцияларды стандартташтыруу жана сертификациядан өткөрүү максатында, 22 кыргыз лабораториясы аккредитациядан өттү. Сертификациялоого 20 орган, инспекциялоого 8 орган ЕАЭБдин Бирдиктүү реестринде катталган. Кыргызстанды аккредитациядан өткөрүүгө эл аралык жана аймактык уюмдардын аккредитациялоосу боюнча улуттук органдардын (ILAC, APAC) таануусуна жетишилди. ЕАЭБ алкагында 52 техникалык регламент иштей баштады.

Жазгүл КАРБОСОВА

Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт!

ЭЛДИК КОШУУНДАР КУРАЛ МЕНЕН ТУРГАНДА, АЛАР ДААП КИРЕ АЛБАЙТ ЭЛЕ

Жабыркаган элге жардам берүү боюнча Бишкек шаарында түзүлгөн баткендиктердин элдик штабынын жетекчиси Максат ДЫЙКАНОВ:

«КАРГАШАЛУУ ОКУЯНЫ ООР КАБЫЛ АЛДЫК»

- Бул каргашалуу окуяны биз абдан оор кабыл алдык. Ошол эле күнү Баткен деп жүрөгү соккон жарандарыбыз чогулуп штаб түздүк. Гуманитардык жардамыбызды жөнөтүп, бул жактан барган баткендиктерди тосуп алып, колдон келишинче жайгаштырганга жардамдаштык. Элдин көйгөйлөрүн, сунуштарын угуп, тийиштүү жерлерге жеткирдик. Бизди дароо Коопсуздук Кеңешинин катчысы кабыл алды. Биздин элден чогулткан сунуш-пикирлерибиз абдан маанилүү болгондуктан, андан кийин Президент өзү кабыл алды.

Өтө кеңири, маанилүү маселелер боюнча сүйлөшүү учурунда элден түшкөн 20 сунуш-пикир айттык. Өзгөчө белгилеп кетейин, Өлкө башчысы Баткендеги кырдаалды түп-тамыры менен өзгөртүү боюнча өтө жакшы оюн билдирди.

Штабдын мүчөсү Бегали ТӨЛӨМҮШОВ:

«БУГА ЧЕЙИН МАМЛЕКЕТИБИЗ АЛСЫЗ БОЛУП КЕЛГЕН»

– Президенттерибиз көп жаңылыштык кетиришкен. Бирок, биз кечээ Президентке башка ой менен киргенбиз. Мамлекет башчысы менен кеңири баарлашып, анын оюн уккандан кийин, биз ага ыраазы болуп калдык. Көрсө, бүгүнкү күндө коргонууга мамлекеттин күчү жетет экен. Бирок биз эл аралап, алар менен жолугушууларды өткөрдүк. Эл менен болгон жолугушууларда “мекен үчүн иштеп беребиз” деген жаштарыбыздын үнүн, элибиздин демин уктук. Көрсө, биз элдик кошуундарды түзүп, аскерлер менен биргеликте Ата Мекенибизди коргоого толук мүмкүнчүлүгүбүз бар экен.

Эгерде мамлекет ошол чек араны коргогондорго 70 миң сомдон акча төлөп берсе, биринчиден миграцияда жүргөн, активдүү жаштарыбыз армия менен кошо өз жерин коргомок. Биздин Президентке берген сунушубуздун бири ушундай болчу. Бүгүнкү күндө бул сунуш Жогорку Кеңеште каралып жатат.

Штабдын мүчөсү Кубаныч НАЗЫРБЕКОВ:

«ЭГЕРДЕ ЭЛДИК КОШУУНДАР КУРАЛ МЕНЕН ТУРГАНДА, АЛАР ДААП КИРЕ АЛБАЙТ ЭЛЕ»

- Кечээки болуп өткөн окуяда чек арадагы жарандарыбыз, Баткен облусунан сырткары коопсуз аймактарга – Ноокат, Ош, Жалал-Абад, бул жагы Бишкекке чейин кетүүгө аргасыз болушту. Биз качкандан көрө душманга каршы турушубуз керек. Колдо курал жок болгондуктан Тажикстандын куралчан жөнөкөй жарандары айылдарды аралап, өрттөп жүрүштү. Эгерде элдик кошуундар курал менен турганда алар даап кире албайт эле.

Экинчиден, сырттан келгендерге караганда өзүбүздүн жарандар, чек араны ийне-жибине чейин билишет. Коргоо министрлиги эл менен тыгыз иштеш керек. Ошондо мен патриотмун деген жарандарыбыз мамлекеттин стабилдүүлүгү үчүн жанын аябастан мекенге кызмат кылып берүүгө даяр.

Дагы бир айтып кете турган нерсе, ушундай чыр-чатак болгон мезгилде өтө маанилүү чечимдер кабыл алынат да, дароо эле унутулуп калынат. Ошондуктан мындай мезгилде Президенттин алдында Баткендин көйгөйүн мыкты билген, чек ара маселесин түшүнгөн кеңешчи керек деп ойлойбуз.

Штабдын мүчөсү Ниймат МАВЛЯНОВ:

«ТЫНЧТЫКТЫ КАМСЫЗДОО ҮЧҮН КОРГОНУУНУ КҮЧӨТҮҮ КЕРЕК»

- Коргонуу өкүлдөрү чыр чыккан мезгилде эле Баткенге келип, калган мезгилде өздөрү коопсуз аймактарда, үй-бүлөлөрү менен эч нерседен бейкапар жашап жатышат. Алар дагы өзгөчө абал киргизилген мезгилден баштап, штабдын төрагасы баш болуп ушул жерде жашап, ушул жерде жатып, чыр чыккан аймакта жашоо кандай болоорун жон терилери менен сезиш керек.

Бүгүнкү күндө бизде эвакуациялоодо да маселе бар. Өзгөчө кырдаалдар министрлиги чек аралаш аймактарда жарандык коргонуу боюнча машыгууларды өткөрүп, өзгөчө кырдаал мезгилинде жарандар эмне кылуу керек, эвакуациялоонун шарттарын практикалык түрдө окутуу зарыл.

Кечээки өткөн окуяда биз коргонууну мыкты уюштурган аймактарды көрдүк. Мисалы, Үч-Дөбө, Самаркандек айылдарындагы уучулар эч кандай команда жок эле өздөрү элдик кошуундарды уюштуруп чыгышты.

Кызыл-Кыя консерва заводунун директору Бердигул АБДИБАИТОВ:

«БИЗДИН ЗАВОДДОН ӨНДҮРҮЛГӨН ПРОДУКЦИЯЛАР МОСКВАГА ЭКСПОРТТОЛОТ»

Кызыл-Кыя шаарындагы консерва завод көп жылдан бери ишин токтоткон жок, тескерисинче өндүрүлгөн товарларга болгон кардарлардын саны өсүп, бүгүнкү күнгө чейин Россияга болгон экспорттоонун көлөмүн көбөйтүүдө. Кызыл-Кыя консерва заводунун директору Бердигул Абдибаитов төмөнкүлөргө токтолду:

«Кызыл-Кыя шаарындагы консерва заводунун түзүлгөнүнө негизи көп жыл болду, 1969-жылдары ачылган, ошондон бери эле иштеп келет. Ал эми мен бул жерге 1982-жылы директор болуп кызматка келгенмин. Биз 1982-жылдан бери фермерлерди бириктирип, заводдун базасында айыл чарба корпоративин түзгөнбүз. 100дөн 150гө чейин фермерлер чогулган, бүгүнкү күндө иштей турганы 50дөн 60ка чейин фермер иштейт. Биз фермерлер менен тыгыз байланышта болуп каражат жагынан акчаны алдын ала беребиз, жерди да арендага алып беребиз. Дыйкандар менен келишим түзөбүз, түзүлгөн келишимдин негизинде ашыккеми жок каражатты алып, биз менен иштешет, болбой калды, жетпей калды деген маселе жаралбайт. Бизде негизинен компот, варенье жана бадыраң менен помидордон жасалган лечо жасалат. Биздин заводдон өндүрүлгөн продукциялар Москвага экспорт болот, кардарларыбыз алдын ала буйуртма берип, өздөрү келип алып кетишет. Күз келип калгандыктан, жумуш бираз солгундап турат, себеби мөмө-жемиш бышып бүттү, бирок кышта деле жумушту токтотпойбуз, күнөсканасы бар дыйкандар менен иштешебиз. Биз түшкөн каражатка кышында да оңдоп-түзөө иштерин аткарып, жумушчуларга айлык акы берип турабыз. Негизинен айлыктары жакшы, көпчүлүгү аял кишилер, ушул жерде эле үй-бүлөсүн бакса болот. Мындан сырткары айта кетүүчү нерсе, акыркы кездери дыйкандар мурдагыдай иштебей калды, бир жагынан миграцияга агылса, экинчи жагынан жердин налогун алып койду, ошону да дыйкандар пайдаланбай, канчалык жеңилдик берген сайын жалкоо болуп калышты. Эгерде фермерлердин саны мындан ары да көбөйсө, биз экспортту башка чет өлкөлөргө да чыгарабыз. Азыр Россиядан ашпайт. Андан сырткары өзүбүзгө да чыгарып турабыз, бирок аз өлчөмдө. Биздин завод мындан ары да ишин токтотпойт, мүмкүн болушунча фермерлердин санын дагы 100гө жеткирип, дыйкандар менен тыгыз иштешебиз. Даяр жерлер жатат, менин айтаарым жерлерди иштетиш керек, бекер жатпасын, кайсыл дыйкан болбосун биз келишим түзүп иштешкенге даярбыз» дейт Бердигул Абдибаитов.

Максат орто мектебинин директорунун тарбиялык иштери боюнча орун басары Чынара САЛИМБЕКОВА:

“ОКУУНУ КАЛТЫРБАЙЛЫ ДЕП ОНЛАЙН ФОРМАТТА ОКУП ЖАТАБЫЗ”

– Каргашалуу окуядан Лейлек районунун “Максат” орто мектеби менен кошо балдар бакчасы да тажик аскерлеринин аткылоосунан жараксыз болуп калган болчу. Бир эле мектеп эмес турак үйлөр да жабыркап, элдер коопсуз аймактарга көчүрүлгөн. Бүгүн жай турмуш башталып, бузулган турак жайлар ыкчам калыбына келтирилүүдө. Белгилей кетсек биринчилерден болуп, “Семетей-Максат” балдар бакчасы калыбына келтирилип, бөбөктөрдүн күлкүсү жаңырды. Жергиликтүү тургундар ыкчам жана бат оңдоп түзөөлөрдү өткөрүп берген “Мегаком” компаниясына рахматтарын айтышууда. Ага удаа эле “Максат” орто мектебин да оңдоо иштери соңуна чыгып калды дейт мектептин директорунун тарбиялык иштери боюнча орун басары Чынара Салимбекова.

- Максат айылында биринчи болуп балдар бакчасы калыбына келтирилгендигинен кабарыбыз бар. Мектепти да оңдоп-түзөө иштери башталгандыр?

- Мектептин 20га жакын мугалимдери менен тазалоо иштерин жүргүздүк. Оңдоп-түзөө иштери эми башталат. 16-сентябрь күнү кадимкидей жумушка жөнөп жатканыбызда мага “мектеп директору Шайбек Абдирахимов ааламдан өттү” деген кабар келип калды. Эмне болуп кетти экен деп үйдөн жөнөп чыгаарымда айыл башчыбыз Сапарали Адинаев чалып “Мектепке балдар келбесин, Баткенде окуя башталыптыр” деп айтты. Анан биз маалыматтарды ата-энелер топторуна жеткирдик. Ошол күнү балдар ата-энелери менен ар тарапка кетишти. Азыркы күндө айылда абал туруктуу болсо да мектеп, турак үйлөр күйүп жашаганга мүмкүнчүлүк болбогондуктан, 50гө жакын окуучуларыбыз барган айылдардын мектептерине тартылып, 50дөй окуучу күндүзү мектепке келип, кечинде кайра ал айылдарга кетип жатышат. Ошол себептен балдарды каттоодон кыйынчылык болбосун деген чечим менен 3-октябрдан тарта онлайн форматта окуу процессин жүргүзүп жатабыз.

- Окуу корпусун кайра калыбына келтирүүнүн абалын баяндап берсеңиз?

- Мектебибизди былтыр тажик аскерлери толугу менен күйгүзүп жараксыз абалга келтирген. Аны “Нур” компаниясы толук оңдоп-түзөп берген болчу. Быйыл мектеп директорунун кабинети өрттөлгөн. Калган кабинеттердин эшик-терезелери талкаланган, мебелдерди сындырып, маалымат тактайчаларды кесип жараксыз абалга келтиришкен. Бул мектепте 20 мугалим 230 окуучуга билим берчүбүз. Эми мектеп кайра калыбына келгенче окуучуларга сабакты онлайн форматында улантабыз. Былтыры мектептин дубалы эле калып, талкаланган болчу. Быйыл бардык класстардын ичиндеги компьютерлерди, принтерлерди, ашкана эмеректерин тоноп, класстарга солярка чачып күйгүзгөнгө аракет жасашкан, бирок Кудайдын жардамы менен күйбөй калыптыр. Азыркы күндө комиссиялар келип тактап, чыгымдарды жазып кетишти, тазалоо иштерин мектеп жамаатыбыз менен аткардык. Бул жолкусунда да “Нур” компаниясы кайрадан оңдоп-түзөөдөн өткөрүп беришет. Буюрса, экинчи чейрекке чейин ремонт иштери аяктаса, мектепке кайра кирип калабыз деген ойдобуз.

P.S. Чынара айымдын айтымында чек ара окуясы жүз берген күндүн таң эртеси каза тапкан мектеп директору Шайбек Абдирахимов мектеп директорлугуна дайындалганына эми гана 4-5 айдын жүзү болгон. Ага чейин мектептин окуу-тарбиялык иштери боюнча директорунун орун басары болуп иштеп, уюштуруучулук жагынан мектеп турмушуна көп салымын кошкон мыкты жетекчи болгон. Өз ишин так билген, жетекчилик кызматын жакшы аркалаган директор уулу Баткен шаарында чек ара кызматында экендигинен кабатыр алганбы же калыбына келген мектеп бул жолу да кайрадан кол салуудан жабыркап калабы деген ойдон улам жүрөгү кармап каза болгонбу деген ойго келет. Кантсе да маркум агайдын жайы жаннаттан болсун.

Адылбек АКМАТОВ,
Баткен облусу

АДАМГА ЭКИ НЕРСЕ ТИРЕК ДЕГИ, БИРИ ТИЛ, БИРИ ДИЛИҢ ЖҮРӨКТӨГҮ

Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Улан ТУРДАЛИЕВ:

“КЫРГЫЗ ТИЛ – АК БОЗ АРГЫМАК, А, СӨЗДӨР УЧКУЛ ТУЯКТАР”

Тил – улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил – улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт. Андыктан, ар бир кыргыз жараны улутун, эли-жерин сүйүп, өз тилине күйсө гана тилибиз кор болбойт. Учурдагы улуттук тилибиздин абалы, аны өнүктүрүүнүн жолдору тууралуу Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин директорунун милдетин аткаруучу Улан Турдалиев менен маек курдук. Анда кеп башынан болсун.

“Кыргыз тил – деңиз, океан,
А, сөздөр куйган булактар.
Кыргыз тил – ак боз аргымак,
А, сөздөр учкул туяктар” дегендей, тамырда кан жок дене мүчөлөр өз милдетин аткара албагандай, суусуз өсүмдүктөр көркө келбегендей эле тилсиз улуттун ажары ачылбайт да, улуулугу байкалбайт. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында иш-чаралар өз нугу менен жүрүп жатат. Бул саамалыкты аралашып жүргөн киши катары байкап жатам. Аткарылышын көзөмөлдөө менен эле чектелбестен багыттарын аныктоо, натыйжалуулугун көрсөтүү жакшы жыйынтык беребе да күбөмүн десем болот. Бул эми мыйзамдуу жолу. Идеологиялык жактан алып караганда жалпы элди ойготуу кажет. Кыргыз тилинде сүйлөөнү маданияттын бийик апогейи, элибиздин эң жетишкен бийиктиги катары санала турган деңгээлге жеткиришибиз керек. Бардык мекеме-ишканаларда иш кагаздарды милдеттүү түрдө кыргызча жүргүзүүгө өткөрүшүбүз керек. Бул кыргыз тилине болгон мамилени өзгөртөт. Кызматтык орундарга кыргыз тилин билүү шартын коюшубуз керек. Ошондо кызматты аркалаганды жакшы көргөн адам бат эле кыргызча таптак сүйлөп чыгат.

- Тилди үйрөнүүдөгү негизги факторлор эмнелер деп ойлойсуз? Кыргыз Республикасында калктын 80 %дан ашыгы кыргыздар болсо да, ошол кыргыздарды эне тилин, мамлекеттин мамлекеттик тилин билүүгө үгүттөп, үйрөтө албай убара тартып жатканыбыздын себеби эмнеде?

- Дагы эле расмий тилден оозеки жана жазуу формасында кеңири жайылат. Тилдин кадыр-баркын көтөрүү үчүн эмнеге басым жасашыбыз абзел? Кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгүнүн жана көз карандысыздыгынын башатында зор тарыхый-саясий окуя деп 1989-жылдын 23-сентябрында кабыл алынган “Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды” айтууга болот. 33 жылдан бери мамлекеттик тил тууралуу мыйзам бир нече жолу өзгөртүлүп, толукталып бир катар редакцияланганы да белгилүү. Учурда да Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы иштеп жатат. Дегеле биз канткенде кыргыз тилин өнүктүрө алабыз?

- Мекендин бүтүндүгүн сактап ар бир карыш жер үчүн бел чечпей күзөткө тургандай, ар бир сөздү сактап калууга жан үрөшүбүз керек.

- Улан мырза, айтсаңыз, мамлекеттүүлүктүн эң башкы белгилеринин бири болгон, улуттун өз ара карымкатышын, байланышын, пикир алышуусун тейлеген тилибиздин учурдагы абалына филолог катары кандай баа бересиз?

- “Тил-улуттун жаны” деген накыл тегин жерден айтылбаган чыгар. Ар бир улуттун улуулугу, уюган тарыхы, көөнөрбөс мурасы ошол элдин тили аркылуу чагылдырылат. Ал аркылуу башка элдер тааныйт, өзгөчөлүгүнө таңыркайт, кереметине суктанат. Бул жагынан алганда кыргыз тили көптөгөн тилдердин алдыңкы сабында десек болот. Эч бир элде жок өзгөчөлүктөргө бай экенин да бир топ далилдер менен баса белгилеп, сыймыктануу менен айта алабыз. Теңдешсиз “Манас” эпосун жараткан, ааламга Ч.Айтматовду таанытткан, төгөрөгүн төп кылып төкмөлөрдү сайраткан тил кантип тилдер мейкинине өз ордун таппасын. Өңгө өгөйлөсө да өзүбүз ага жол бербешибиз керек. Бизде кыргыз тилинде айтсаң көңүл буруп маани да бербейт. Башка улуттун тилинде айтсаң ошол эле ойлорго ынанып, ал тилге басым жасаган учурлар көп. Бул эми өзүбүздүн улуттук тилге болгон мамилебиз. “Кыргыз тили – илимдин тили эмес” деп жээригендер болгон. Адабий айдыңдан алып караганда “Манас таануу” илиминде ар бир сөздүн түбүнө түнөп изилдеген С.Байгазиев, Айтматовдун адабий бейнесин тереңден талдаган К.Асаналиев, Алыкулдун жаңычыл акын экенин таамай белгилеген С.Жигитовдор илимий негизде бутага алган темаларын кыргыз тилинде ачып берип жатпайбы. Кантип анан илим жазганга болбойт деп айтабыз. Тилибизге болгон мындай мамилени, көз караштарыбызды өзгөртүшүбүз керек. Кезинде ураан чакырып тилге жапатырмак киришип жаткандай таасир калтырганыбыз менен көзгө толор натыйжаны көрө алган жокмун. Тилибиздин учурдагы абалын коомдук жерлердеги пикир алышуулар, трибуналардагы сүйлөнүп жаткан сөздөр эле аныктап жатпайбы. Демек, ар бир адам өзүнөн баштаганы жөндүү.

- Негизинен улуттук тил оозуп чыгууга далалат кылбагандыгыбызда. Кылчак-кылчак артыбызды карап, эки тилди тең ала жүрөлү деген кош тилдүүлүк түшүнүктөр да тилге болгон мамилени аксатып жаткандай. Мамлекеттик тилдин тагдыры жана анын кадыр-баркын көтөрүү бир гана тилчилерге тиешелүү эмес. “Куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат” демекчи, баланын аң-сезимин калыптандыруучу, өспүрүмдөрдүн тилин жатыктыруучу мультфильмдердин, тасмалардын кыргыз тилинде аз санда болгондугу өз таасирин тийгизип жатат. Башка тилдердеги кызыктуу ар кандай чакан көлөмдөгү же көп сериялуу мультфильмдерди көргөн наристелердин тили, анан дили башка жакка бурулуп кетип жатпайбы. Тилин алдырган улут бат эле дилин, өзөгүн унутат. Дегеним, кыргыз тилдүү көрсөтүүлөрдү көбөйтүү керек.

- Мыйзамдардын алгач орусча жазылып, андан соң кыргызчага которулганына кандай карайсыз? Башка улуттар эмес, кыргыз улутундагы мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин кыргыз тилин билбей, мамлекеттик тилде сабаттуу жаза албаган, сүйлөй албаган чиновниктердин катмарына эмне дейсиз?

- Жогоруда айткандай, “кыргыз тилин билбегендер кызматка коюлбайт” деген чечим кабыл алынса эле кыргызча түш жоорубайбы. Чечимдин аткарылышын катуу көзөмөлгө алса эле бат эле жыйынтыгы көрүнөт. Бирок, жазуу иштериндеги грамматикалык каталарды башкача айтканда туура жазуудагы сабаттуулугун жоюу узак мезгилди талап кылат. Мыйзамдарды орусча жазып, кайра кыргызчага которууда көп сүйлөмдөр өзгөрүүгө учурап же стилистикалык жактан каталарга жол берилген учурлар арбын. Которулган кээ бир сүйлөмдөрдү тилчи катары мен түшүнбөй калган учурлар кездешпей койбойт. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын укуругун узартуу максатка ылайык.

- Кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн бурмаланып же ката жазылып жатканы жүрөгүңүздү өйүбөй койбосо керек...

- Чынында, коомдогу көйгөйлөрдүн бири ушул. Сүйлөө речте, жазышууда өтө эле сабатсыз болуп кеттик. “Оа”, “келтат”, “зыңк”, “даң-даң” жана башка сөздөрдү элдин калың катмарынан кезиктирүүгө болот. Сабаттуу жазуу адамдын ким экенин айгинелейт жана интеллектуалдык деңгээлин көрсөтөт. Кыргызча маани берген сөздөрдү да башка тилде айтып, коомдун мээсин айландырган адамдар бар. Ооба, башка тилдерден келген сөздөрдү кабыл алышыбыз керек. Бирок, кыргызча мааниси туруп башка элдин тилинде сүйлөгөнүбүз уят иш. Бул тилибизге болгон кайдыгерлик.

- Сөз аягында сизге эркин микрофон.

- Нечен кыя-белестерди ашкан тилибиз алдыда дагы далай кылымдардын дабанын ашсын. Дилибиз күйбөсүн десек тилге күйөлү.

Жазгүл КАРБОСОВА

ДАЛАЙГА ДАҢАЗА

Топонимист, тарыхый картограф
Темиркул ЭШЕНКУЛОВ:

"МАНАСЛУ ЧОКУСУ КАРТОГРАФИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРГЕ ЫЛАЙЫК БЕЛГИЛҮҮ БОЛБОЙ КЕЛГЕН"

1-октябрда кыргызстандык альпинисттер алгачкы жолу Гималайдагы деңиз деңгээлинен 8163 метр бийиктиктеги Манаслу чокусуна чыгышты. Кыргызстандык экспедициянын курамы жети кишиден түзүлүп, Сергей Селивёрстов командандын капитаны, Кадыракун Нурмаматов «Манаслу 2022» долбоорунун жетекчиси болгон. Аталган топко альпинисттер Эдуард Кубатов, Андрей Ерохин, Асел Байбагышева, Илим Карыпбеков жана Азизбек Өмүркулов кирген. Алар Манаслу чокусуна «Манас» эпосунун томдорун жана мамлекеттик желекти алып чыгышып, тарых жаратышты.
Манаслу — Гималай тоолорунда орун алган чоку. Ал Непалдын түндүк-борбордук бөлүгүндө жайгашкан Мансири-Гимал тоо кыркаларына кирет. Биз топонимист жана тарыхый картограф Темиркул Эшенкуловго кайрылып, Манаслу чокусу тууралуу, анын эмне үчүн мындай аталып калгандыгы тууралуу сурадык.

- Темиркул агай, Манаслу чокусу дүйнөдөгү эң бийик чокулардын бири. Бирок, ал тууралуу көп деле айтыла бербейт. Эмне үчүн?

- Манаслу чокусу мурдатан эле дүйнөгө белгилүү болуп келген. Бирок, Гималайдагы Джомолунгмадан (8848 м) кийинки чокулар анын атынын астында басынып калышкан. Картографиялык эрежеге ылайык Гималайдагы бийиктиги 8000 метрден ашкан бардык 10 чокуну картада көрсөтүү мүмкүн эмес. Алардын бийиктик белгилерин көрсөтүп, анан аттарын кошо жазуу да мүмкүн эмес. Бул картанын масштабына жараша аткарыла турган иш. Ошондуктан, негизги чоку гана көрсөтүлөт. Бул башка тоо системаларына Кара-Корум, Гиндукуш, Кунь-Лунь, Памир, Тянь-Шань (Теңир-Тоо), Памир-Алай жана башка да тааандык болот. Ошондуктан, анын аты так, белгиленип айтылбай келген. Элибиздин «Манас» эпосу жана анын башкы каармаңы Манас менен байланышкан Манаслу чокусу ушул себептен Чоң Советтик энциклопедияга (БСЭ. 15-том. М., 1974), КСЭнин 4-томуна (Фрунзе, 1979) жана Улуттук энциклопедияга (5-том. Бишкек, 2014) да кирбей калган.

- Эмне үчүн Манаслу деп аталат?

- Азыркы Кытайдын түндүк-батыш тарабынан биз Манас аттуу шаарды, көлдү жана дарыяны кездештиребиз. Ал эми Кытайдын, Непалдын, Бутандын жана Индиянын Гималай тоо системасы аркылуу чектешкен аймактарынан да биз Манас аттуу аталыштардын топтомун жолуктурабыз. Алардын бири Манасоравар деген тоо көлү. Бул көл Тибеттин аймагында жайгашып, деңиз деңгээлинен 4557 м бийиктикте жатат. Аянты 520 чарчы чакырымдай келип, эң терең жери 82 м барабар. Манасоравар көлү биздин Соң-Көлүбүздөн 1500 жана Чатыр-Көлдөн дээрлик 1000 м бийикте жатат. Ал ыйык көл катары эсептелгендиктен, көлгө куйган өзөн аркылуу Индиянын руханий жетекчиси болгон Махатма Гандинин денеси өрттөлгөндөн кийин, маркумдун сөөгүнүн күлү өзөндүн суусу менен агызылып, Манасоравар көлүнө куюлуп кеткен экен. Ушул эле аймакта Манас (Манаслу) деп аталган улуттук парк жолугат. Манас дарыясынын башаты Кытайдын чегинде жана ал Индиянын жана Бутандын аймагы аркылуу агып, Брахмапутра дарыясына оң тараптан куят. Узундугу 400 км ашык. Биздин Нарын дарыясына салыштырмалуу суусу мол келет.

Кыргызстандагы Манас (Манас-Ата) жана Манас-Чоку, ошондой эле Гималайдагы Манаслу чокулары менен байланышып турган топонимдер дүйнө боюнча тараган. Жергиликтүү элдин тилинен Манаслу (бир аты Манаслу-Химал) чокусунун атын кыргызчалатсак, «Рухтун тоосу же чокусу" деген маанини берет экен. 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгынын учурунда акын жана тарыхчы Байас Турал Манас ысымынын маанисиси асман дегенди билдирет экен деп айткан эле.

Профессор, ардактуу академигибиз жана аксакалыбыз Х.К.Карасаев (1902-1998) өзүнүн «Өздөштүрүлгөн сөздөрүндө» (1986) сөздүн төркүнү кыргызча-арабча деп атап, анан ал «сыйынт, корголой турган жай, качкандар корголой турган орун" дегенди билдирет деп жазган.

Аксакалыбыз өзүнүн экинчи китебинде (Камус наама. Бишкек, 1996) Манас – 1. Сыйынт, корголой турган жай, байыр алуучу орун. XVI кылымда түзүлгөн «Равазат-ус-Сафаа» деген чоң чыгармада да "Манас" аталыш жогорку деген мааниде жолугат. XVI кылымда түзүлгөн «Ахтари кабир» аттуу «Арабча-түркчө сөздүктө» да жогорку деген мааниде. 1914-жылы Москвада басылып чыккан, Мирза Абдулла Гафаров түзгөн «Перси-орус да сөздүгүнө», 1969-жылы Москвада басылган «Тажик тилинин сөздүгүндө) да жогорку деген мааниде берилген.

Топонимист Садыбакас Өмүрзаков (1921-2002) өзүнүн жазып калтырган маалыматында Манас аталышын Тибет Индиядан бизге ооп келген деп, анын маанисин бир аз чечмелеген, ошол саптардын айрымы «Манас» эпосунда жолугат деген эле.

Садыбакас агайдын архивинде жолуккан «Манас деп аталган топонимдердин жаралышы жана таралышы тууралсында» деген чакан макаласында «Манас – Түштүк, Түштүк – Батыш Азия элдеринин тилдериндеги сөз. Ал, мисалы, хинди тилинде – кудай, рух, жүрөк. Араб тилинде – сыйынт деген түшүнүктү билдирген термин деп белгиленген.

Бара-бара бул термин топонимге жана антропонимге айланган. Орто Азия аймагында Манас биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыкта эле кезиккенин айттык. Демек, Түркстан жергесине термин байыркы убакта ахеменниддердин дөөлөтүнүн (держвасынын) тушунда биздин заманга чейинки 558-330-жылдардагы падышалар династиясынын (КСЭ. 1-том. Фрунзе, 1976; Улуттук энциклопедия. Кыргызстан. 1-том. Бишкек, 2006 – Т.Э.) өкүмдарлыгы учурунда жеткен болуу керек. Байыркы түрк тилинин сөздүгүндө (Древнетюркский словарь. Л., 1969) бул сөз термин, же антропоним катары жолукпайт. Адабияттардагы Борбордук Азия (мурунку түшүнүктө – Т.Э.) кыргыздары Манас деген ысымды 10-кылымда өздөштүргөн деген пикирлер далилдөөнү талап кылат.

Агай айтып калчу эле: Манас биз үчүн ыйыктын ыйыгы, ал биз үчүн карта жана компас... Ал биз үчүн Теңир (Кудай деп айткан эмес), анан Көкө-Теңир (Небесное божество) дечү. Бирок, өзүнүн 1952-жылы болуп өткөн конференциядагы сүйлөгөн сөзүндө, саясаттын өкүмдүгүнөн тайсалдаганбы, доклад жасап жаткан учурда айрым сөздөрүн окуган эмес экен.

Ачыгын айтканда, «Манас» эпосу биздин элибиз үчүн ардакталган ыйык кенч, ал кыргыз элинин рухунун туу чокусу, ал биз үчүн Теңирге тете болгон өтө ыйык руханий түшүнүк. Манаслу чокусуна багыт алып, аны багынтабыз деген алатоолуктардын тилеги орундалып, аман-эсен Кыргызстанга кайтып келишти.

- Бул чокунун аты көп айтыла бербегени менен ага чыккан альпинисттер көп экен?

-Манаслу чокусун багындырууга болгон алгачкы аракет 1950-жылы болгон. Гарольд Тильман жетекчилик кылган англиялык командандын тилеги жүзөгө ашкан эмес. Болгону 1956-жылы япондор тарабынан жасалган аракет өз жемишин берди. Манаслу чокусун биринчи 1956-жылы япондук альпинист Т.Иманиши менен непалдык шерп-альпинист Г.Норбу багындырышты. Азыркы күнгө чейин бул чокуну жүздөгөн альпинист багындырып, анын төбөсүнө өз өлкөлөрүнүн мамлекеттик желектерин сайышты.

Ал эми дүйнөнүн 3-уюлу болгон Гималайдын Джомолунгма чокусун багынтууга болгон аракет көпкө созулуккан. Аталган чоку 1852-жылы аныкталып, ага ат коюу маселеси бир топ талашты пайда кылып, акыры 1865-жылы ага кошумча катары Эверест ыйгарылган, аны биринчи болуп багынтуу бактысы Эдмунд Хиллари жана шерп Тенцинг Норгейге туш келди. Бул тарыхый учур 1953-жылдын 29-май күнү жүзөгө ашкан. Ушундан тартып дүйнөнүн 3-уюлу болгон Джомолунгма чокусун миңдеген альпинисттер багындырышты. Кыргызстандыктардан биринчи болуп 1997-жылы атактуу чокуну Д.Греков багындырды. Мындан кийинки кезек кыргыз жигити Эдуард Кубатовго келди. Ал чокуну 2021-жылы багынтып, анын төбөсүнө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желегин сайды.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 3-ИЮНУНДАГЫ №303 "МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮНҮШТӨРҮ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүнүштөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №537

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 13-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №79 "БАЖЫ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Навигациялык пломбаларды пайдалануу менен товарларды өткөрүүнү контролдоону камсыз кылуу максатында, "Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 139, 338-беренелерине жана "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-февралындагы №79 "Бажы иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жыйырманчы абзац менен толукталсын:

"- Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартиби 19-тиркемеге ылайык.";

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 19-тиркеме менен толукталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу боюнча пломбалоо оператору катары жооптуу деп аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын "Бажы инфраструктурасы" мамлекеттик ишканасы:

1) ушул токтом күчүнө кирген учурдан тартып эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды өнөр жайлык киргизүү үчүн даярдоо иштерин жүргүзсүн;

2) ушул токтом күчүнө кирген учурдан тартып эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен навигациялык (электрондук) пломбаларды ачуу (активациялоо)/жабуу (деактивациялоо) жана техникалык тейлөөнү кошо алганда, навигациялык (электрондук) пломбаларды салуу/алып салуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын белгиленген тартипте макулдашсын;

3) ушул токтом күчүнө кирген учурдан тартып эки айлык мөөнөт өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу боюнча ишти баштасын.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №538

Тиркеме
19-тиркеме

Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартиби

1. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартиби (мындан ары - Тартип) Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча автомобиль транспорту менен өткөрүлүүчү товарларды жана транспорттук каражаттарды көзөмөлдөөнү жана контролдоону камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

2. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык көзөмөлдөөчү объекттерин өткөрүүдө (транспорттоодо) колдонулат:

- Кыргыз Республикасындагы Евразия экономикалык биримдигинин (мындан ары - ЕАЭБ) бажы аймагына келген жердин бажы органынан Кыргыз Республикасындагы ЕАЭБдин аймагынан чыккан жердин бажы органына чейин;

- Кыргыз Республикасындагы ЕАЭБдин бажы аймагына келген жердин бажы органынан Кыргыз Республикасынын ички бажы органына чейин;

- Кыргыз Республикасынын ички бажы органынан Кыргыз Республикасынын ички бажы органына чейин;

- Кыргыз Республикасынын ички бажы органынан Кыргыз Республикасындагы ЕАЭБдин аймагынан чыккан жердин бажы органына чейин.

3. Ушул Тартипте төмөнкүдөй терминдер, түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

навигациялык (электрондук) пломбаларды активациялоо - пломбалоо операторунун маалыматтык системасында салынган навигациялык (электрондук) пломбаны контролго алуу жана көзөмөлдөөчү объектке байкоо салууну баштоо;

навигациялык (электрондук) пломбаны деактивациялоо - пломбалоо операторунун маалыматтык системасында салынган навигациялык (электрондук) пломбаны контролдон алуу жана көзөмөлдөөчү объектке байкоо салууну токтотуу;

навигациялык (электрондук) пломбанын пломбалоочу элементинин кыска туташуусу - пломбалоо операторунун маалыматтык системасында мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен навигациялык (электрондук) пломбанын пломбалоочу элементинин бүтүндүгүн контролдоо системасын киргизүү, ал аралыктан да, атайын түзүлүштү колдонуу менен да ишке ашырылышы мүмкүн;

навигациялык (электрондук) пломбаны салуу - көзөмөлдөөчү объекттери бар транспорт каражатынын (контейнеринин) жүк салуучу жайларынын (бөлүктөрүнүн) эшиктеринин бекитүүчү түзүлүштөрүнө жана жабуу системаларына, же болбосо көзөмөлдөөчү объекттин өзүнө жана пломбалоочу элементтин жабылышына навигациялык (электрондук) пломбаны физикалык түрдө илип коюуну өзүнө камтыган процесс;

навигациялык (электрондук) пломба - навигациялык спутник системаларынын технологияларынын негизинде иштеген жана көзөмөлдөөчү объектке тиешеси бар маалыматтарды берүүнү камсыз кылган пломбалоо элементинен жана электрондук блоктон турган техникалык электрондук түзүлүш;

пломбалоо оператору - навигациялык (электрондук) пломбаларды салууну (алып салууну), ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбалардан алынган маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, берүүнү жана сактоону жүзөгө ашырган маалыматтык-техникалык инфратүзүмү бар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган Кыргыз Республикасынын юридикалык жагы;

көзөмөлдөөчү объект - Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча өткөрүлүүчү товарлар (продукциялар) жана транспорттук каражаттар;

ташууларды көзөмөлдөө - өз ичине навигациялык (электрондук) пломбаны активациялоону, көзөмөлдөөчү объектке байкоону, навигациялык пломбаны деактивациялоону жана көз салынуучу объектке байкоо процессинде алынган маалыматтарды берүүнү камтыган процесс;

ташуучу - бажы контролунда турган товарларды Кыргыз Республикасынын аймагында ташууну жүзөгө ашырган же жооптуу болуп эсептелген жак;

навигациялык (электрондук) пломбанын пломбалоочу элементин ажыратуу - пломбалоо операторунун маалыматтык системасында мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен навигациялык (электрондук) пломбанын пломбалоочу элементинин бүтүндүгүн контролдоо системасын өчүрүү, ал аралыктан да, ошондой эле атайын түзүлүштү колдонуу менен да жүзөгө ашырылышы мүмкүн;

навигациялык (электрондук) пломбаны алуу - көзөмөлдөөчү объекттери бар транспорт каражатынын (контейнеринин) жүк салуучу жайларынын (бөлүктөрүнүн) эшиктеринин бекитүүчү түзүлүштөрүнө жана жабуу системаларына, же болбосо көзөмөлдөөчү объекттин өзүнөн навигациялык (электрондук) пломбанын пломбалоочу элементин ажыратууну жана физикалык түрдө алып коюуну камтыган процесс;

пломбалоо операторунун маалыматтык системасы - Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу менен ташууну көзөмөлдөө үчүн колдонулуучу маалыматтык система.

Ушул Тартипте колдонулган башка түшүнүктөр ЕАЭБдин укуктарын түзгөн эл аралык келишимдер жана актылар жана бажы иши чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган маанилерде колдонулат.

2. Навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонууга талаптар

4. Бажы транзитинин бажы жол-жобосу боюнча товарларды өткөрүү (транспорттоо) автомобиль транспортунун транспорт каражаттарынын (мындан ары - транспорт каражаттары) жүк салынуучу жайларына (бөлүктөрүнө), алардын жайларына, идиштерине, контейнерлерине жана төмөнкүдөй товарлардын категорияларын кошпогондо, бажы транзитинин бажы жол-жобосуна коюлган товарлар турган башка жерлерге навигациялык (электрондук) пломбаларды салуу шартында жүзөгө ашырылат:

- гуманитардык жана техникалык жардам;
- тирүү жаныбарлар;
- инкубациялык жумурткалар;
- транспорттук каражаттардын ачык жүк салынуучу бөлүктөрүнө өткөрүлүүчү ири габариттүү жана оор салмактуу товарлар;
- почта идиштеринде (почта баштыктарында, почта контейнерлеринде) эл аралык почта жөнөтүүлөрү;
- тынчтыкты колдоо боюнча акцияларды аткаруу үчүн же болбосо окууларды өткөрүү үчүн зарыл болгон аскердик багыттагы продукция;
- жеке колдонуу үчүн жеке жактар тарабынан декларациялануучу товарлар;
- цистерналарда куюлган же чубуртуп салынган түрдө өткөрүлүүчү товарлар;
- табигый кырсыктардын, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон товарлар;
- алуучусу дипломатиялык өкүлчүлүктөр жана консулдук мекемелер болуп саналган товарлар.

5. Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча товарларды автомобилдик ташууларда колдонулуучу навигациялык (электрондук) пломбага, ошондой эле пломбалоо операторунун маалыматтык системасына талаптар бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын чечими менен аныкталат.

6. Борттук же самосвал кузовдору бар платформа кузовдорунун, платформа-кузовдордун ар кандай модификацияларында, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбаларды салуу аларда жайгашкан товарларга навигациялык (электрондук) пломбанын же көзөмөлдөөчү объектинин бүтүндүгүн бузуусуз жетүүнү жокко чыгарууну камсыз кылбаган жүк кузовдорунун башка түрлөрүндө, идиштерде жана башка жерлерде навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонууга жол берилбейт.

7. Бажы контролун жүргүзүүнү камсыз кылуучу чара катары навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу, бажылык коштоо тобокелдиктерди башкаруу системасын пайдалануунун натыйжалары боюнча дайындалган учурларды кошпогондо, бажылык коштоого альтернатива катары колдонулушу мүмкүн.

8. Навигациялык (электрондук) пломбаны салуу (алып салуу) жана аларды кийин автомобилдик ташууларда колдонууну камсыз кылуу боюнча пломбалоо операторунун кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө ташууга катышуучулардын биринин - жүк жөнөтүүчүнүн, жүк алуучунун, ташуучунун каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Бир транспорт каражатына (транспорт каражаттарынын (чиркегич (чиркегичтери) жана жарым чиркегич (чиркегичтери) менен тягач) курамы) эки же андан көп навигациялык (электрондук) пломба салынган учурда төлөм бир навигациялык (электрондук) пломбага алынат.

9. Товарларды бажы транзитинин бажы жол-жобосуна коюуда ташуунун катышуучуларынын бири - жүк жөнөтүүчү, жүк алуучу, ташуучу бажы органынын кызмат адамдарына жана оператордун адистерине электрондук навигациялык пломбаларды колдонуунун зарылчылыгы жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

10. Ташуучу пломбалоо операторуна ташуу башталганга чейин 2 сааттан кечиктирбестен төмөнкүдөй маалыматтарды берүүнү камсыз кылууга милдеттүү:

- автомобиль менен ташуучу катталган өлкө жана аталышы;
- автомобиль менен ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражатынын, чиркегичтин же жарым чиркегичтин каттоо мамлекети жана каттоо белгиси;
- транспорт каражатынын айдоочусунун фамилиясы, аты, атасынын аты жана телефон номери;
- ташылуучу товарларды жөнөтүүчү өлкө;
- ташылуучу товарлар баруучу өлкө;
- жөнөтүүчү бажы органы;
- баруучу бажы органы;
- зарыл болгон навигациялык (электрондук) пломбалардын саны.

11. Навигациялык (электрондук) пломбаны пайдалануу менен товарларды ташууларды көзөмөлдөө максатында пломбалоо оператору бажы органдарынын кызмат адамдарына пломбалоо операторунун маалыматтык системасына жана (же) адистештирилген мобилдик түзүлүштөр менен иштөөгө жетүүнү берет.

12. Пломбалоо оператору туруктуу негизде суткасына 24 саат, жумасына 7 күн Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу менен ташууларга көзөмөлдөө үчүн колдонулуучу маалымат системасынын ишин камсыз кылат.

(Уландысы 11-бетте)

Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык товарларды өткөрүүдө навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартиби

(Башталышы 10-бетте)

13. Пломбалоо операторунун маалымат системасы 5 (беш) жылдын ичинде берилген навигациялык (электрондук) пломбалар жөнүндө маалыматты (навигациялык (электрондук) пломбаларга киргизилген маалымат менен бирге) сактоону жүзөгө ашырат.

14. Пломбалоо оператору купуя маалыматты ачыкка чыгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтар менен иштөө чөйрөсүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

15. Навигациялык (электрондук) пломба пломбалоо операторунун адистери тарабынан бажы органынын кызмат адамынын катышуусунда көзөмөлдөөнүн объекттери турган транспорттук каражаттын (контейнердин) жүк салынуучу жайларынын (бөлүктөрүнүн) жабуу системаларына жана эшиктердин бекитүү шаймандарына, же болбосо көзөмөлдөөчү объекттин өзүнө жана пломбалоо элементинин аягына коюлат.

Автомобилдик ташууларды жүзөгө ашырууда пломбалоо операторунун адиси тарабынан бир навигациялык (электрондук) пломбаны салуу убактысы бажы органынын кызмат адамы тиешелүү чечимди кабыл алган учурдан тартып 5 мүнөттөн ашпоого тийиш.

Навигациялык (электрондук) пломбаны салуу (алып салуу) объекттерде мурда орнотулган пломбаларды жана мөөрлөрдү, ошондой эле башка жабуучу-пломбалоочу түзүлүштөрдү бузбастан жүргүзүлөт жана навигациялык (электрондук) пломбанын электрондук блогунун корпусуна жазылган уникалдуу сериялык номерин окууга мүмкүнчүлүк берет.

16. Ташуучулар навигациялык (электрондук) пломбаны пломбалоо объекттерине орнотуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

17. Бажы органдарында ташылуучу товарларга бара жаткан жолдо контролду жүргүзүү зарылдыгы пайда болгон учурда мурда коюлган навигациялык (электрондук) пломбаны алып салуу жана аны кайрадан коюу бажы органдарынын кызмат адамдары тарабынан пломбалоо операторунун маалымат системасында мындай операцияларды санкцияланган жасоо фактыларын фиксациялоону камсыз кылган, пломбалоо оператору берген адистештирилген мобилдик түзүлүштөрдү колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

Пломбалоо оператору бажы органдарынын кызмат адамдары тарабынан мындай операцияларды аткаруунун техникалык мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

3. Ташууларды көзөмөлдөөдө навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу тартиби

18. Бажы органынын кызмат адамы навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу чечими кабыл алынгандыгы жөнүндө пломбалоо операторунун адисине маалымдайт.

19. Пломбалоо операторунун адиси транспорт каражатынын жүк салуучу жайларынын бекитүүчү түйүндөрүнө навигациялык (электрондук) пломбаны илет, пломбалоо элементин жабат жана бажы органынын кызмат адамына пломбалоо операторунун маалыматтык системасында түзүлгөн ташуулардын уникалдуу сериялык номерин, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбанын номерин берет.

20. Бажы органынын кызмат адамы пломбалоо операторунун маалыматтык системасында түзүлгөн ташуулардын уникалдуу сериялык номерин, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбанын номерин транзиттик декларациянын (мындан ары - ТД) тиешелүү графасында көрсөтөт.

21. Бажы органынын кызмат адамы товарларды чыгаргандан кийин пломбалоо операторунун адисине ТД каттоо номерин берет.

22. Навигациялык (электрондук) пломбаны активациялоонун алдында пломбалоо операторунун адиси пломбалоо операторунун маалыматтык системасына төмөнкү маалыматтарды киргизет:

- ТД каттоо номерин;
- пломбалоо операторунун маалымат системасында түзүлгөн, ташуулардын уникалдуу сериялык номери;
- навигациялык (электрондук) пломбанын номери;
- автомобилдик ташуучунун катталган өлкөсү жана аталышы;
- автомобилдик ташуулар жүзөгө ашырылган транспорт каражатынын, чиркегичтин же жарым чиркегичтин катталган мамлекети жана каттоо белгиси;
- транспорт каражатынын айдоочусунун фамилиясы, аты, атасынын аты жана телефон номери;
- ташылуучу товарларды жөнөтүүчү өлкө;
- ташылуучу товарлар баруучу өлкөсү;
- жөнөтүүчү бажы органы;
- баруучу бажы органы.

23. Навигациялык (электрондук) пломбаны салууда пломбалоо оператору менен ташуучунун ортосунда навигациялык (электрондук) пломбаны кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык таризделет.

24. Тагылган (алынган) навигациялык (электрондук) пломбанын сакталышы үчүн жоопкерчилик ташуучуга жүктөлөт.

25. Пломбалоо операторунун адиси навигациялык (электрондук) пломбаны активациялоону жүзөгө ашырат жана пломбалоо операторунун маалыматтык системасына контролдоого коёт, андан кийин бажы органынын кызмат адамына товардын өтүшүнө көз салуунун башталышы жөнүндө маалымдайт.

26. Электрондук навигациялык пломбаны активациялоодо пломбалоо операторунун маалыматтык системасына ушул Тартиптин 22-пунктуна ылайык маалыматка кошумча катары төмөнкү маалыматтар киргизилет:

- электрондук навигациялык пломбаны активациялоо алардын чечими боюнча жүзөгө ашырылган бажы органынын кызмат адамынын фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо);
- электрондук навигациялык пломбаны активациялоо датасы жана убактысы.

27. Бажы органдарынын тартылган кызмат адамдары пломбалоо операторунун маалыматтык системасы аркылуу жүк ташуучу автотранспорт каражатын өткөрүүгө мониторинг жүргүзө алат.

28. Жолдо баратканда навигациялык (электрондук) пломбаларды уруксатсыз ачууга жана/же бузууга, жүрүү маршрутунан четтөөгө, ошондой эле билдирилбеген багыттагы даректе жеткирүүгө жол берилбейт.

29. Электрондук навигациялык пломбаны деактивациялоо баруучу жерде бажы органынын кызмат адамынын электрондук навигациялык пломбаны деактивациялоо жөнүндө чечимин алгандан кийин пломбалоо операторунун маалыматтык системасында пломбалоо оператору тарабынан ишке ашырылат.

30. Электрондук навигациялык пломбаны деактивациялоо пломбалоо операторунун маалыматтык системасында төмөнкү маалыматтарды фиксациялоо менен ишке ашырылат:

- электрондук навигациялык пломбаны деактивациялоо күнү жана убактысы;
- электрондук навигациялык пломба деактивацияланган бажы органынын аталышы;
- электрондук навигациялык пломбаны деактивациялоо анын чечими боюнча жүзөгө ашырылган бажы органынын кызмат адамынын фамилиясы, аты, атасынын аты жана кызмат орду.

31. Товарлар жеткирилген жерде транспорт каражатынын жүк бөлүгүнөн тагылган навигациялык (электрондук) пломбаны алып салуу бажы органынын кызмат адамынын жана ташуучунун катышуусунда пломбалоо операторунун кызматкери тарабынан жүзөгө ашырылат.

32. Электрондук навигациялык пломбаны колдонууга контролдоону жүзөгө ашырууда электрондук навигациялык пломбанын бүтүндүгүн бузуу же уруксатсыз ачуу аныкталган учурда бажы органдарынын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган чараларды көрүшөт.

33. Навигациялык (электрондук) пломбаны алып салууда ташуучу менен пломбалоо операторунун ортосунда ушул Тартиптин 23-пунктуна ылайык түзүлгөн навигациялык (электрондук) пломбаны кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына толуктоолор киргизилет.

4. Жүрүү жолундагы штаттан тышкары кырдаалдар (инциденттер)

34. Штаттан тышкары кырдаалдар (инциденттер) деп пломбалоо операторунун маалыматтык системасына маалыматтын келип түшүүсү түшүнүлөт:

1) навигациялык (электрондук) пломбаны ачуу жөнүндө навигациялык (электрондук) пломбадан сигналдын келип түшүүсү;
2) навигациялык (электрондук) пломбанын бузулушу жөнүндө;
3) навигациялык (электрондук) пломба менен 4 сааттан ашык байланыштын жоктугу жөнүндө;
4) транспорт каражатынын 3 сааттан ашык токтоп турушу жөнүндө;
5) 1 километрден ашык радиуста жүрүү маршрутунан четтөө жөнүндө.

5. Жүрүү жолунда штаттан тышкары кырдаалдар (инциденттер) пайда болгондо иш-аракеттердин тартиби

35. Көзөмөлдөөчү объекттин жүрүү жолунда штаттан тышкары кырдаал (инцидент) пайда болгон учурда пломбалоо оператору штаттан тышкары кырдаалдын (инциденттин) келип чыгуу себептерин аныктайт жана жөнөтүүчү бажы органына токтоосуз маалымдайт.

Штаттан тышкары кырдаалдын келип чыгуу жагдайларын аныктоонун натыйжалары боюнча жөнөтүүчү бажы органы мобилдик топтун баруусун уюштурат, аны түзүү жана иштөө тартиби бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

Штаттан тышкары кырдаалдар (инциденттер) пайда болгон жерде мобилдик топтун кызмат адамдары ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык милдеттүү фото жана видеофиксацияны колдонуп, жүктөрдү андан ары ташууга (штаттан тышкары кырдаалдар) тоскоол болгон жагдайлардын келип чыгуу себептерин көрсөтүп, андан кийин мобилдик байланыш каражаттары аркылуу жөнөтүүчү бажы органына маалыматтарды электрондук түрдө жөнөтүү менен акт түзүшөт.

36. Мобилдик топтун кызмат адамы инцидент болгон жерде навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу менен көзөмөлдөөчү объекттин андан ары жүрүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбаны активациялоо/деактивациялоо зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алат жана кабыл алынган чечим жөнүндө жөнөтүүчү бажы органына жана пломбалоо операторунун өкүлүнө маалымдайт.

37. Авариянын же ал жеткис күчтүн аракетинин натыйжасында автотранспорт каражаты бузулуп, анын мындан ары жүрүүсү мүмкүн болбогон учурда мобилдик топтун кызмат адамы тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин Бажы кодексинин 149-беренесинде каралган аракеттер жасалат.

6. Пломбалоо операторунун милдеттери

38. Пломбалоо оператору төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) навигациялык (электрондук) пломбаларды салуу (алып салуу) жана аларды колдонууну андан ары камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүү (мындан ары - кызмат көрсөтүүлөр);
" 2) бажы органдарынын иш режимине ылайык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуучу пломбалоо операторунун кызматкерлеринин жана (же) ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн болушу;
3) бажы органдарынын кызмат адамдарынын пломбалоо оператору менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу үчүн Интернеттин маалыматтык-телекоммуникациялык тармагына кошулган бирден кем эмес жумуш ордун уюштуруу;
4) навигациялык (электрондук) пломбаларды салууга (алып салууга) жана колдонууга байланышкан маселелер боюнча, анын ичинде телефон боюнча юридикалык жана жеке жактарга консультация берүү;
5) кызмат адамдарына пломбалоо операторунун маалыматтык системасы жана адистештирилген мобилдүү түзүлүштөр менен иштөө жөнүндө маалыматтарды суроо-талаптарга жооп берүү түрүндө берүү;
6) төмөнкү маалыматты сайтка жайгаштыруу:
- пломбалоо операторунун аталышы;
- пломбалоо операторунун электрондук почтасынын дареги;
- байланыш телефон борборунун телефонунун номери;
- пломбалоо оператору менен ташуучунун өз ара аракеттенүү тартибин камтыган кызмат көрсөтүү келишиминин үлгүсү;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы.
7) талаптарга ылайык келген жана кызмат көрсөтүү үчүн зарыл болгон навигациялык (электрондук) пломбанын жок болуу учурларына жол бербөө;
8) кызмат адамдарынын, транспорт каражаттарынын айдоочуларынын жеке маалыматтарын аларга уруксатсыз же кокустан кирүүдөн, жеке маалыматтарды жок кылуудан, өзгөртүүдөн, бөгөт коюудан, көчүрүүдөн, берүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле жеке маалыматтарга карата башка мыйзамсыз аракеттерден коргоо боюнча чараларды көрүү;
9) пломбалоо операторунун маалыматтык системасында техникалык каражаттар менен аны иштеп чыгууда маалыматтын коопсуздугу.

7. Корутунду жоболор

39. Адамдар тарабынан ушул Тартиптин талаптарын бузуу Кыргыз Республикасынын жарандык, кылмыш-жаза мыйзамдарында же Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча товарларды автомобилдик ташууларда навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартибине 1-тиркеме

Навигациялык (электрондук) пломбаны өткөрүп берүү-өткөрүп алуу актысы

Навигациялык (электрондук) пломба (№) _____

Транзиттик декларация/Товарларга декларация №_____

Транспорттук каражаттын мамлекеттик номери_____

Жөнөтүүчү бажы органы:
_____

Баруучу бажы органы:
_____

Навигациялык (электрондук) пломбаны коюуда:

Өткөрүп берди
(Пломбалоо оператору): _____
(Ф.А.А., колу, датасы/убактысы)

Кабыл алды
(Ташуучу): _____
(Ф.А.А., колу, датасы/убактысы)

Навигациялык (электрондук) пломбаны алууда:
Өткөрүп берди
(Ташуучу): _____
(Ф.А.А., колу, датасы/убактысы)

Кабыл алды
(Пломбалоо оператору): _____
(Ф.А.А., колу, датасы/убактысы)

Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча товарларды автомобилдик ташууларда навигациялык (электрондук) пломбаларды пайдалануу тартибине 2-тиркеме

Жүктөрдү андан ары ташууга тоскоолдук кылган жагдайлар (штаттан тышкары кырдаал) жөнүндө АКТ

Мен,
_____
_____
(Ф.А.А., бажы органынын кызматкеринин кызмат орду)
_____
(айдоочунун аты-жөнү)

айдоочунун катышуусунда_____

маркасындагы,_____
мамлекеттик каттоо номери менен,
№ чиркегич/жарым чиркегич/контейнер _____
_____жылдын _____ №_____
транзит декларациясына ылайык
_____
(жөнөтүүчү өлкөнү көрсөтүү, баруучу өлкөнү көрсөтүү)
_____
(шаарды, айылды, автомагистралды жана башка жагдайларды көрсөтүү)
жүк ташуучу автотранспорт каражатына кароо жүргүздүм.

Кароонун натыйжасында төмөнкүлөр аныкталды:
- автотранспорт каражатынын катышуусу менен жол-транспорт кырсыгы;
- жүктөрдү андан ары ташууга тоскоолдук кылган башка жагдайлар

_____
_____
_____
(себебин көрсөтүү)

Кызмат адамы
_____
_____
(Ф.А.А., дата, колу)

Ташуучу
_____
_____
(Ф.А.А., дата, колу)

".

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АК-СУУ, НООКАТ, ЖАЙЫЛ ЖАНА АЛАМҮДҮН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештерде депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Ак-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы Ак-Чий айылдык кеңеши боюнча;
- Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын – Ош облусунун Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылдык кеңеши боюнча;
- Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Жайыл районундагы Красный-Восток айылдык кеңеши боюнча;
- Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Лебединовка айылдык кеңеши боюнча

Аталган чечимдер “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

“Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, “Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдерин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

